**адистештирилген уюм** - белгиленген тартипте аттестацияланган квалификациялуу адистери жана техникалык каражаттары бар, мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын объектилерин монтаждоо, демонтаждоо, техникалык тейлөө, оңдоо боюнча иштерди аткарууга адистешкен уюм.

## 2-глава. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттерине карата талаптар

### § 1. Темир жол төгүү-куюу эстакадалары

6. Темир жол төгүү-куюу эстакадаларын долбоорлоо, эксплуатациялоо жана оңдоо Кыргыз Республикасынын "Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык иштелип чыккан өнөр жай коопсуздугу жаатындагы ченемдерге жана эрежелерге, ошондой эле ушул Эрежелерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

7. Темир жол цистерналарына мунай жана мунай продуктуларын кабыл алуу жана жөнөтүү иштери төгүү-куюу операцияларын коопсуз жүргүзүүнү камсыз кылуучу атайын жабдылган төгүү-куюу түзүлүштөрү аркылуу ишке ашырылууга тийиш.

8. Төгүү-куюу эстакадалары цистернага өтүү үчүн оң абалдагы ачылма көпүрөлөр менен жабдылууга тийиш. Ачылма көпүрөлөр цистернанын металл бетине тийген жерлеринде учкун чыгарбоочу материалдан жасалган төшөмөлөргө ээ болууга жана мунай продуктуларынын бууларынын таасирине туруктуу келүүгө тийиш.

9. Төгүү-куюу участкаларында учкун чыгаруучу материалдан жасалган тормоздук башмактар менен цистерналарды токтотууга жол берилбейт.

10. Темир жол цистерналарына мунай продуктуларын куюу автоматтык куюу чектөөчүлөрү менен жабдылган шарнирлүү муунактуу же телескопиялык түзүлүштөрдүн шлангсыз системасы боюнча ишке ашырылууга тийиш. Ачык түстөгү мунай продуктуларын куюуда алардын

бууларын газ чогултуу системасына чыгаруу менен куюунун герметикалуулугу камсыз кылынууга тийиш.

11. Бир эле куюучу түзүлүш аркылуу жүргүзүлгөн ачык түстөгү мунай продуктуларын куюу продуктулардын аралашуусун жокко чыгаруучу чараларды камсыз кылуу менен жүзөгө ашырылууга тийиш.

Авиациялык отунду керектөөчүгө берүүдө өзүнчө куюучу түзүлүштөр колдонулушу керек.

12. Мунай продуктулары үчүн темир жол төгүү-куюу эстакадалары (жогорку илешкектүү мунай продуктуларынан тышкары, анын ичинде мазут, гудрон, битум) герметизацияланган төмөндөн төгүү түзүлүштөрү менен жабдылышы керек. Ачык түстөгү мунай продуктуларын герметикалык үстүнөн төгүү түзүлүштөрү аркылуу төгүүгө жол берилет.

Авиациялык күйүүчү майды төгүү кийин тундуруу жана андан бош (товар астындагы) сууну чыгаруу үчүн өзүнчө резервуарларга астыңкы төгүү түзүлүштөрү аркылуу жүргүзүлүшү керек.

13. Түтүк өткөргүчтөр системасы жабуу арматурасынан кийин куюлуучу же төгүлүүчү продуктунун калдыктарынан толук бошотууну камсыздай тургандай кылып жасалышы керек.

Коллекторлор жана продукту өткөргүчтөр дренаждык түзүлүштөрү жана (же) дренаждалган продуктуну жабык герметикалык чогултуу жана утилдештирүү системасына же дренаждалган продуктуну герметикалык кабыл алууну камсыз кылуучу атайын техникалык түзүлүшкө агызуу насостору менен жабдылышы керек.

14. Бузулган цистерналардан мунай продуктуларын авариялык бошотуу боюнча операцияларды аткаруу үчүн аларды бошотуу үчүн атайын жайлар каралышы керек.

15. Мунай продуктулары менен булганган атмосфералык жаан-чачындарды чогултуу жана чыгаруу, ошондой эле төгүлгөн мунай продуктуларын жуу үчүн төгүү жана куюу зонасы дренаждык системага чыгаруучу түзүлүштөр менен жабдылган катуу бетон жабууга ээ болушу керек. Бул зонадагы рельстер темир-бетон шпалдарына төшөлүшү керек. Катуу жабуу суу өткөрбөс болушу керек, периметри боюнча бийиктиги 0,2 метрден кем эмес бортик менен тосулуп, суюктуктун кабыл алуучу түзүлүштөргө (арыктарга, кудуктарга, чуңкурларга) агып кетиши үчүн 2 пайыздан кем эмес жантаюуга ээ болушу керек.

16. Булганган продукт дренаждык идиштен сууну мунай продуктуларынан бөлүү үчүн резервуар-идиштерге же иштетилген мунай продуктулары үчүн резервуар-идиштерге багытталышы керек.

17. Төгүү-куюу эстакадаларында тез иштөөчү өчүрүүчү бекитүүчү жана (же) жабуучу түзүлүштөр (автоматтык түзүлүштөр) орнотулушу керек.

Куюу автоматтык түрдө токтотулушу керек учурлар:

– белгиленген мунай жана мунай продуктуларынын нормасы берилгенде;

– темир жол цистернасын толтуруунун чектик деңгээлине жеткенде;

– темир жол цистернасын жерге туташтыруу чынжырынын бүтүндүгү бузулганда.

18. Эстакадага оңой от алуучу жана күйүүчү суюктуктар (мындан ары – ООС жана КС) келүүчү түтүктөрдө, эстакадада авария болгон учурда бул түтүктөрдү өчүрүү үчүн бекитүүчү түзүлүштөр орнотулушу керек. Көрсөтүлгөн түзүлүштөрдү башкаруу алардын орнотуу жеринде жана (же) аралыктан (коопсуз аралыктан) ишке ашырылышы керек.

19. Мунайды жана мунай продуктуларын куюунун максималдуу коопсуз ылдамдыгы куюлуучу продуктунун касиеттерин, куюучу түзүлүштүн түтүгүнүн диаметрин, түтүктүн материалын эске алуу менен кабыл алынышы керек.

20. Мунайды жана мунай продуктуларын куюунун максималдуу ылдамдыгын коопсуз чекке чейин чектөө алардын чыгымын мунайды же мунай продуктусун темир жол эстакадасына берүү линиясындагы бекитүүчү-жөнгө салуучу арматура аркылуу жөнгө салуу, же продуктунун бир бөлүгүн насостун соруучу түтүгүнө кайра жиберүү, же насостун жыштык-жөнгө салуучу электр кыймылдаткычын орнотуу аркылуу камсыз кылынышы керек. Продуктунун чыгымын автоматтык жөнгө салуу продуктту темир жол куюу эстакадасына берүүчү басымдуу түтүктөгү максималдуу басымды чектеген учурда жүргүзүлүшү керек.

21. Оңдоо иштерин жүргүзүүдө мунай продуктуларын төгүү жана куюу түтүктөр жана коллекторлор системаларында жарылуу коркунучу бар аралашмалардын пайда болушун болтурбоо үчүн бул системалардан күйүүчү заттарды чыгарууга арналган жабдууларды жана (же) стационардык линияларды колдонуу менен аларга инерттүү газды же бууну жеткирүү каралышы керек. Бул талап авиациялык күйүүчү май кампаларына жайылтылбайт.

22. Мазут, гудрон жана битумдар үчүн кабыл алуу-төгүү эстакадасынын (мындан ары - КТЭ) төгүүчү лотокторy күйбөс материалдардан жасалып, металл торлор, алынуучу капкактар менен жабылып, төгүлгөн күйүүчү майды жылытуу каражаттары менен жабдылышы керек. Жаңыдан долбоорлонуп жаткан илешкектүү мунай продуктуларын (мазут, гудрон жана битумдар) төгүүчү эстакадалар үчүн жабык төгүү системалары каралышы керек.

23. Мазут кампаларынын КТЭнын кабыл алуучу резервуарлары температураны жана деңгээлди өлчөөчү каражаттары, деңгээлдин чектик көрсөткүчтөр сигнализаторлору, желдетүү түтүктөрү, төгүлгөн мазутту жылытуу каражаттары, өткөрүп берүүчү насостор, көтөрүүчү түзүлүштөр менен жабдылышы керек. Кабыл алуучу резервуарлар толуп агып кетүүдөн корголгон болушу керек.

24. Темир жол цистерналарындагы, төгүү-куюу түзүлүштөрүндөгү катып калуучу жана жогорку илешкектүү мунай продуктуларын жылытуу буу, циркуляциялык жол менен же 90 градус Цельсийден жогору эмес электр жылытуу менен ысытылган мунай продуктусу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Электр жылытууну колдонууда электр жылыткычтары жарылуудан корголгон болушу керек.

Авиациялык майларды жылытуу үчүн циркуляциялык системага жеткирип берилген каныккан суу буусу же көчмө буу ысыткычтары колдонулушу керек.

25. Буунун тутануу температурасы 61 градус Цельсийден төмөн болгон мунай продуктуларын төгүү-куюу операцияларын жүргүзүүдө электр жылытууну колдонууга жол берилбейт.

26. Көчмө жылыткычтарды колдонууда жылуулук ташуучу чөйрөнүн мунай продуктусу менен түз байланышына жол берилбейт.

27. Көчмө буу жылыткычтарды колдонууда жылыткычтагы буунун басымы буу жылыткычтын техникалык документтеринде (паспортунда) көрсөтүлгөн параметрлерге ылайык келүүгө тийиш.

28. Темир жол цистерналарындагы мунай продуктуларын көчмө электр жылыткычтары менен жылытуу алыскы жылыткычта (жылуулук алмаштыргыч) циркуляциялык жылытууну колдонуу менен гана жүргүзүлүүгө тийиш.

29. Көчмө электр жылыткычтарды колдонууда алар жылытуу түзүлүшүнүн үстүндөгү суюктуктун деңгээли 500 ммден төмөн түшкөндө аларды өчүрүүчү блоктоочу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш.

30. Көчмө буу змеевиктери жана көчмө электр жылыткычтары жылыткычтын үстүнкү четинен 500 ммден кем эмес тереңдикке чейин мунай продуктусуна батырылгандан кийин гана иштетилиши керек. Буу берүүнү токтотуу жана электр кубатын өчүрүү төгүү башталганга чейин аткарылышы керек.

31. Мунайды жана мунай продуктуларын төмөндөн төгүү (куюу) түзүлүштөрүн орнотуу темир жол вагон-цистерналары үчүн мунай жана мунай продуктуларын төмөндөн төгүү (куюу) түзүлүштөрүн өндүрүүчү уюмдардын техникалык документтерине ылайык келиши керек.

32. Мунайды жана ачык түстөгү мунай продуктуларын эркин түшкөн агым менен куюуга жол берилбейт. Куюучу түтүктүн аягынан цистернанын түбүнө чейинки аралык 200 ммден ашпоого тийиш.

33. Мунайды жана ачык түстөгү мунай продуктуларын төгүү-куюу үчүн арналган темир жол төгүү-куюу эстакадаларында жумушчу зонанын газга толуп калуусун аныктоочу датчиктер орнотулушу керек.

Аба чөйрөсүнүн газга толушу жалындын таралышынын төмөнкү концентрациялык чегинин (мындан ары - ЖТТКЧ) көлөмүнүн 50 пайызынан ашканда, төгүү жана куюу автоматтык түрдө токтотулушу керек.

Газга толуп калууну аныктоочу датчиктерди орнотуу өндүрүүчү уюмдун паспортторунда көрсөтүлгөн приборлордун техникалык мүнөздөмөлөрүнө ылайык долбоордук документтерде негизделиши керек.

34. Жаңыдан долбоорлонгон мунай жана мунай продуктуларынын кампалары үчүн ачык түстөгү мунай продуктуларын темир жол

цистерналарына куюу автоматизацияланган системаларды колдонуу менен каралышы керек.

35. Мунай жана мунай продуктулары үчүн төгүү-куюу эстакадалары чагылгандын түз соккусунан корголушу керек.

Темир жол эстакадаларын чагылгандын түз соккусунан жана анын мунай жана мунай продуктуларын төгүү-куюу зонасында экинчи көрүнүшүнөн коргоо чагылган кабылдагычтар аркылуу ишке ашырылышы керек.

36. Мунай продуктулары менен технологиялык төгүү-куюу операцияларын аткарууда статикалык электр заряддарынын топтолушун жана кооптуу разряддардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн алдын алуу үчүн цистерналарды, түтүктөрдү, куюучу түзүлүштөрдү жерге туташтыруу, ошондой эле куюунун баштапкы жана акыркы стадияларында куюу ылдамдыгын чектөө каралышы керек.

## § 2. Автомобилдик төгүү-куюу станциялары

37. Автомобилдик төгүү-куюу станцияларын долбоорлоо, эксплуатациялоо жана оңдоо Кыргыз Республикасынын "Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык иштелип чыккан өнөр жай коопсуздугу жаатындагы ченемдерге жана эрежелерге, ошондой эле ушул Эрежелерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

38. Куюу станциясы же куюу пункту башкаруу пунктунун жайларын, куюу посттору жана куюу түзүлүштөрү жайгашкан автомобилдик цистерналарга куюу аянтчаларын камтууга тийиш.

39. Куюу посттору башкаруу пункттарынан, ошондой эле алардын орнотулган жеринен башкарыла турчу автоматташтырылган куюу орнотмолору менен жабдылууга тийиш.

40. ООС жана КСын куюу операцияларын жүргүзүүдө төгүү-куюу түзүлүштөрүнүн өз алдынча кыймылына жол берилбейт.

41. Бууларынын ийилчээктиги 66,65 килопаскалдан жогору болгон ООСын куюу үчүн төгүү-куюу түзүлүштөрү бууларды кетирүүчү түзүлүштөр менен камсыздалууга тийиш.

42. Автомобилдик цистерналарга мунай продуктуларын куюу автоматтык куюу чектөөчүлөрү менен жабдылган шарнирлүү бириктирилген же телескопиялык түзүлүштөрдүн шлангсыз системасы боюнча жүргүзүлүшү керек. Долбоордук документте негизделген учурда мунай продуктуларын куюу үчүн ийилчээк шлангдарды колдонууга жол берилет. Куюучу түтүктүн учунан цистернанын төмөнкү түзүүчүсүнө чейинки аралык 200 мм ашпоого тийиш.

43. Куюучу түтүктүн учу цистерна менен урунганда учкун чыгарбоочу материалдан жасалышы керек. Учтуктун конструкциясы куюунун башталышында продуктунун тик кулашын жана чачырашын жокко чыгарышы керек.

44. Цистернанын оозунан мунай продуктуларынын ашып кетишин болтурбоо максатында, белгиленген мааниге жеткенде куюуну автоматтык түрдө токтотууга мүмкүндүк берүүчү куюу деңгээлинин чектегичтерин колдонуу керек.

45. Куюу аяктаганда куюучу түтүктүн продуктудан толук бошотулушун жана анын цистернага төгүлүп кетүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруучу чаралар каралышы керек.

46. Цистернадан куюучу түтүк чыгарылганда андан аккан продуктунун калдыктарын чогултуу үчүн куюучу түзүлүш атайын клапан жана (же) тамчы чогулткуч менен жабдылышы керек.

47. Элементтери металл эмес материалдардан жасалган сальник тыгыны бар шарнирлер менен бириктирилген төгүү-куюу түзүлүштөрүндө ар бир сменада жерге туташтыруунун бүтүндүгү визуалдык түрдө текшерилип, сменаны кабыл алуу-өткөрүп берүү журналына текшерүүнүн жыйынтыктары көрсөтүлүшү керек. Жерге туташтыруунун бүтүндүгү бузулган учурда төгүү-куюу түзүлүштөрүн пайдаланууга жол берилбейт.

48. Авиациялык күйүүчү майды автомобилдик цистерналарга (күйүүчү май куюучу унаа) төмөндөн куюу үчүн алюминийден жасалган, автоцистернанын фланецине туташтырууда учкун чыгарбоочу шарнирлүү бириктиргич түтүктөр колдонулушу керек.

Авиациялык күйүүчү майды автомобилдик цистерналарга (күйүүчү май куюучу унаа) төмөндөн куюу үчүн ийилчээк шлангдарды колдонуу долбоордук документтерде негизделиши керек. Ийилчээк шлангдарды тандоодо өндүрүүчү уюмдун техникалык документтеринин талаптары эске алынышы керек.

49. Авиациялык күйүүчү майды куюу пунктунда автомобилдик цистернанын (күйүүчү май куюучу унаанын) куюунун чектик деңгээлине жеткенден кийин күйүүчү майды берүүнү автоматтык түрдө токтотуучу герметикалык төмөндөн куюу түзүлүштөрү каралышы керек.

Авиациялык күйүүчү майды куюу системасында насосту авариялык аралыктан (кол менен) өчүрүү каралышы керек.

Авиациялык күйүүчү майды үстүнөн куюуга жол берилбейт.

50. Мунайды жана ачык түстөгү мунай продуктуларын төгүү-куюу станцияларында жана төгүү-куюу пункттарында мунай жана мунай продуктуларынын бууларынын жарылууга чейинки концентрациясынын сигнализаторлору орнотулушу керек.

51. Эгерде төгүү-куюу станцияларынын жана төгүү-куюу пункттарынын аянтчаларында мунай продуктуларынын бууларынын концентрациясы ЖТТКЧнин көлөмүнөн 20 пайыздан ашса, төгүү-куюу операцияларын токтотуу боюнча блоктоочу түзүлүштөр жана унаанын кыймылдаткычтарын иштетүүгө тыюу салуу жөнүндө эскертүүчү сигнализация орнотулушу керек.

52. Мунай продуктусу төгүлгөн учурларда, төгүлгөн мунай продуктуну толугу менен тазаланганга чейин аянтчада турган

автомобилдик цистерналарынын кыймылдаткычтарын иштетүүгө жол берилбейт.

53. Автомобилдик куюу станциялары толтурулган автомобилдик цистерналардын оозторуна куюучу түзүлүштөр салынган абалда кетүүгө жол бербөө үчүн атайын түзүлүштөр (светофорлор, шлагбаумдар же транспорттун макулдашылбаган кыймылын чектеген башка каражаттар) менен жабдылышы керек.

54. Автомобилдик куюу станцияларында, пункттарында төгүү-куюуда турган автомобилдик цистерналары жерге туташтырылышы керек. "Жерге туташтыруучу түзүлүш - автомобилдик цистерна" деген жабык электр чынжыры жок болгон учурда, автомобилдик төгүү-куюу станциялары жана пункттары мунай продуктуларын айлантуу үчүн насосторду ишке киргизүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруучу блоктоочу түзүлүштөр менен жабдылышы керек.

55. Мунай продуктуларын төгүү-куюу операцияларын аткарууда статикалык электр заряддарынын топтолушун болтурбоо үчүн цистерналарды, түтүктөрдү, куюучу түзүлүштөрдү жерге туташтыруу, ошондой эле куюунун баштапкы жана акыркы стадияларында куюу ылдамдыгын чектөө каралышы керек.

56. Төгүү-куюу операцияларын аткарган автомобилдик цистерналардын айдоочуларына мунайды жана ачык түстөгү мунай продуктуларын төгүү-куюу станцияларында жана төгүү-куюу пункттарында синтетикалык жана жүндөн токулган материалдардан жасалган кийимдер менен жүрүүгө жол берилбейт.

## § 3. Резервуардык парктар

57. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын жаңы курулуп жаткан жана реконструкцияланып жаткан кооптуу өндүрүштүк объекттери үчүн мунайды жана мунай продуктуларын көмүлгөн жана жер астындагы резервуарларда сактоого жол берилбейт.

58. Мунайды жана мунай продуктуларын сактоо үчүн резервуардын түрүн тандоо (понтонсуз стационардык чатыры бар резервуар (мындан ары. - РВС); понтону бар стационардык чатыры бар резервуар (мындан ары - РВСП); калкып жүрүүчү чатыры бар резервуар (мындан ары - РВСПК) сакталуучу продуктулардын физикалык-химиялык касиеттерине жана жарылуу коркунучунун көрсөткүчтөрүнө жараша жүргүзүлөт.

59. Жарылуу коркунучу бар буу концентрациясынын пайда болушун болтурбоо, ошондой эле мунайдын жана мунай продуктуларынын жоготууларын кыскартуу үчүн РВС жарылуу коркунучу бар аралашмалардын пайда болушуна жана резервуардын ичинде жарылуу мүмкүнчүлүгүнө жол бербөөчү техникалык системалар жана каражаттар менен жабдылышы керек (газ теңдөө системалары, бууларды кармоо жана рекуперациялоо системалары, инерттүү чөйрөнү берүү системалары - азоттук "жаздыкчаны" түзүү, газ жаздыкчасын колдонуу, газ чөйрөсүн

гидрожапкыч аркылуу атмосферага чачыратуучу шамга чыгаруу менен жалпы газ теңдөө линиясын колдонуу).

Жарылуу коркунучу бар аралашмалардын пайда болушун алдын алуу үчүн системаларды жана каражаттарды колдонуу боюнча техникалык чечимдер мунай продуктуларынын өрт-жарылуу коркунучунун көрсөткүчтөрүн, сактоонун регламенттелген режимдерин, сактоо продуктуларын кабыл алуу жана сордуруу операцияларын жүргүзүүнү эске алуу менен кабыл алынат.

Мазуттун ар кандай түрлөрүн сактоо үчүн резервуарларды жарылуу коркунучу бар аралашмалардын пайда болушун алдын алуу үчүн системалар жана каражаттар менен жабдуу талап кылынбайт.

60. Магистралдык түтүк транспортунун аянттык кооптуу өндүрүштүк объекттери үчүн авариялык төгүү үчүн понтону жок резервуарларды, бууларды кармоо жана рекуперациялоо системаларын колдонуу зарыл. Мунайды жана мунай продуктуларын авариялык төгүү үчүн резервуарлар дем алуучу жана сактагыч клапандар менен жабдылышы керек.

61. Резервуарларды газ теңдөө системасы менен жабдууда газ теңдөө системасы боюнча авариянын өнүгүшүнө жол бербөө максатында анын авариялык абалында ар бир резервуарды бул системадан аралыктан өчүрүү каражаттарын кароо керек.

Резервуардык парктарды газ теңдөө системасы менен жабдууда аны менен автомобилдик бензиндери бар жана авиациялык бензиндери (реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн күйүүчү май) бар резервуарларды бириктирүүгө жол берилбейт.

62. Коргоочу дубалдуу болот резервуарларды ("стакандын ичиндеги стакан" тибиндеги) колдонгондо, дубалдар аралык мейкиндикке продуктунун агып кетишин түз (агып кетүү) же кыйыр (газдын топтолушу) параметри боюнча көзөмөлдөө камсыздалышы керек. Негизги резервуардын герметикалуулугу бузулганы аныкталса, ал иштетүүдөн чыгарылышы керек.

63. Вертикалдык болот резервуарлар алардын арналышына жараша төмөнкүлөр менен жабдылышы керек:

– бекитүүчү арматурасы бар кабыл алуу-таратуу патрубкалары;

– от тоскучтары бар дем алуучу жана сактагыч арматурасы;

– үлгүлөрдү алуу жана түбүндөгү товар астындагы сууну чыгаруу үчүн түзүлүштөр;

– көзөмөлдөө жана сигнализация приборлору;

– жогорку илешкектүү жана катып калуучу мунай жана мунай продуктуларын жылытуу үчүн түзүлүштөр;

– өрткө каршы коргоо системалары;

– желдетүүчү патрубкалар;

– чагылганга каршы коргоо, жерге туташтыруу жана статикалык электрден коргоо түзүлүштөрү.

Резервуарга орнотулуучу түзүлүштөрдүн жана жабдуулардын толук комплекти, ошондой эле алардын жайгашуу схемасы долбоордук документацияда түшүндүрүлүшү керек.

64. Күйүүчү май куюучу комплекстердеги авиациялык күйүүчү май үчүн резервуарлар күйүүчү майды үстүнөн алуу үчүн калкып жүрүүчү түзүлүштөр менен жабдылышы керек.

Күйүүчү май куюучу комплекстерде авиациялык күйүүчү майды РВСПКда жана (же) понтон мененде сактоого жол берилбейт.

Резервуарлар газды теңдөө системасы жана бууларды кармоо жана рекуперациялоо системасы менен жабдылбашы керек.

65. Мунайды жана мунай продуктуларын сактоочу резервуарларга орнотулган жабдуулар, арматура жана контролдоо, сигнализация жана коргоо приборлору резервуарлардын коопсуз иштешин камсыз кылууга тийиш:

– толтурууда, сактоодо жана бошотууда;
– тазалоодо жана ондоодо;
– тундурууда жана товар астындагы сууну чыгарууда;
– проба алууда;
– деңгээлди, температураны, басымды өлчөөдө.

66. Ишке киргизилген ар бир резервуар долбоордук документке ылайык келүүгө, техникалык паспорту болууга тийиш, анда резервуар паркынын технологиялык схемасына ылайык анын катар номери көрсөтүлөт, ал резервуардын корпусуна да түшүрүлөт.

67. Резервуарларды толтуруу (бошотуу) өндүрүмдүүлүгү резервуарга орнотулган дем алуучу жана сактоочу түзүлүштөрдүн жалпы өткөрүү жөндөмдүүлүгүнөн ашпоого тийиш.

68. РВСПК жана (же) понтон менен үчүн максималдуу толтуруу (бошотуу) өндүрүмдүүлүгү понтондун (калкып жүрүүчү чатырдын) жол берилген кыймыл ылдамдыгы менен чектелет, ал сыйымдуулугу 30 000 м$^3$ чейинки резервуарлар үчүн саатына 6 метрден, сыйымдуулугу 30 000 м$^3$ ашкан резервуарлар үчүн саатына 4 метрден ашпоого тийиш. Мында понтондун жылышуу ылдамдыгы саатына 2,5 метрден ашпоого тийиш.

69. Атмосфералык басым менен резервуарлардагы басымдын ортосундагы көтөрүлүп-түшүүсү орнотулган дем алуу жана сактоо арматурасы менен кармалып турушу керек. Дем алуу арматурасы резервуардын түрүнө жана сакталуучу продуктуга жараша тандалышы керек.

70. Резервуарларга гидравликалык клапандар орнотулганда, алар кыйын бууланучу, кристаллдашпаган, полимерлешпеген жана тоңбогон суюктук менен толтурулушу керек.

71. Кыш мезгилинде дем алуу клапандарынын нормалдуу иштешин камсыз кылуу үчүн, алардын өткөрүү жөндөмдүүлүгүнүн азайышына жол бербөө максатында, аларды дайыма кыроодон тазалап туруу зарыл.

Текшерүүлөрдүн аралыгы өндүрүүчү уюмдун техникалык документтеринде белгиленет.

72. Дем алуу клапандары менен жабдылган резервуарларга сактоо клапандары орнотулушу керек. Дем алуу жана сактоо клапандары патрубкаларга орнотулат.

73. Понтондордун жана калкып жүрүүчү чатырлардын тыгыздоочуларынын (жапкычтарынын) материалы сакталуучу продукт менен шайкештигин, газ өткөрбөстүгүн, эскирүүсүн, бекемдигин, айлана-чөйрөнүн температурасын эске алуу менен тандалышы керек.

74. Резервуарлардын жана насостордун түтүк байланышы авария болгон учурда продуктуларды бир резервуардан башка резервуарларга куюу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. ООСды жана КСды сактоочу резервуарлар аварияльк бошотуу үчүн жабуу арматурасы менен жабдылат. Аралыктан башкарылуучу жабуу арматурасын колдонуу долбоордук документацияда белгиленет. Аралыктан башкарылуучу жабуу арматурасын башкаруу оператордук бөлмөдөн, ошондой эле аварияльк шарттарда тейлөө үчүн жеткиликтүү жана коопсуз жерлерден жүргүзүлөт. Арматуранын иштөө убактысы долбоордук документацияда белгиленет.

75. Мунай жана мунай продуктуларынын буусун чыгаруу үчүн чачыратуучу шам технологиялык жабдуулардын, имараттардын жана курулмалардын жайгашкан жеринде жарылуу коркунучу бар концентрациялардын пайда болушун жокко чыгаруучу газдын чачырашынын шарттарын камсыз кылууга тийиш. Чачыратуучу шамдын жайгашкан жери жана бийиктиги долбоордук документте аныкталууга тийиш.

76. Мунай жана мунай продуктулары үчүн резервуарлар долбоордук документке ылайык контролдук-өлчөөчү приборлор менен жабдылууга тийиш.

77. Мунай жана мунай продуктуларын сактоого арналган вертикалдуу цилиндрдик резервуарлардан товар астындагы сууну чыгаруу үчүн товар астындагы сууну дренаждоо системасы каралышы керек.

Резервуарларда мунай продуктуларын сактоодо товар астындагы суунун деңгээли сууну дренаждоочу түзүлүш камсыз кылган минималдуу деңгээлден жогору болушуна жол берилбейт.

78. Автоматтык түрдө товар астындагы сууну чыгарууда дренаждоо системасынын толуп кетишине жол бербөө максатында, кабыл алуучу идиштин толуп кетишин жокко чыгаруучу бөгөт коюу аткарылышы керек.

79. Жаңыдан курулуп жаткан жана реконструкцияланып жаткан ачык түстөгү мунай продуктуларынын резервуарлары үчүн ылдый жагында жайгашкан стационардык үлгү алгычтарды караштыруу зарыл.

Ачык түстөгү мунай продуктуларынын үлгүлөрүн резервуардын чатырындагы люк аркылуу кол менен алууга жол берилбейт.

Бул операцияларды күн күркүрөгөн учурда, ошондой эле продуктуну сордуруу же чыгаруу учурунда аткарууга жол берилбейт.

80. Резервуарлардагы мунай продуктуларынын деңгээлин контролдоо контролдук-өлчөөчү приборлор менен жүргүзүлүшү керек.

81. Мунайды жана ачык түстөгү мунай продуктуларын сактоочу резервуардык парктар мунай продуктуларынын жана (же) алардын бууларынын резервуарлардын тосмолонгон жерлеринде агып кетишин автоматтык түрдө контролдоо жана табуу каражаттары менен жабдылышы керек. Мунай продуктуларынын жана (же) алардын бууларынын резервуарлардын тосмолонгон жерлеринде агып кеткен бардык учурлары башкаруу бөлмөсүнө (оператордукка) көрсөткүчтөрдү чыгаруу менен приборлор тарабынан катталып, документтештирилиши керек.

Мунай продуктуларынын жана (же) алардын бууларынын резервуарлардын тосмолонгон жерлеринде табуучу приборлорду жайгаштыруунун техникалык чечимдери, саны жана тартиби сакталуучу мунай продуктуларынын түрүнө, аларды сактоо шарттарына, резервуарлардын бирдиктүү сыйымдуулугуна жана кампанын курамында аларды жайгаштыруу тартибине жараша кабыл алынышы керек.

82. Ачык түстөгү мунай продуктуларын сактоочу резервуардык парктардын аянтчаларында, тосмолоодон тышкары жайгашкан кампанын (парктын) кошулуу түйүнүнүн бекитүүчү-жөнгө салуучу арматурасынын аймагында мунай продуктуларынын жана (же) алардын бууларынын агып кетишин аныктоочу приборлор орнотулушу керек.

Мунай продуктуларынын жана (же) алардын бууларынын агып кетишин аныктоочу приборлордун саны түйүн ээлеген аянтка жараша тандалып алынышы керек жана өндүрүүчү уюмдун паспортторунда көрсөтүлгөн приборлордун техникалык мүнөздөмөлөрүнө ылайык долбоордук документацияда белгилениши керек.

83. Жогорку илешкектүү жана катып калуучу мунай продуктуларын сактоодо аларды жылытуу каралышы керек. Жылуулук алып жүрүүчүнүн түрү жана жылытуу ыкмасы сакталуучу же айдалуучу продуктунун түрүнө, анын физикалык-химиялык касиеттерине жана өрт-жарылуу коопсуздугунун көрсөткүчтөрүнө, климаттык шарттарга, сактоо үчүн резервуарлардын түрүнө жараша тандалат.

84. Мазут үчүн резервуарлар мазутту жылытуучу түзүлүштөр менен жабдылышы керек. Резервуардын ичинде буу менен жылытуучу түзүлүш жайгашкан учурда, резервуардын сыртында конденсацияны дренаждоо жана ишке киргизүү мезгилинде абаны чыгаруу үчүн бекитүүчү түзүлүштөрү бар дренаж жана аба чыгаруучу штуцерлер каралышы керек.

Резервуарлардагы мазутту жылытуу температурасы жабык идиштеги буулануу температурасынан 15 градус Цельсийден кем эмес төмөн жана 90 градус Цельсийден ашпашы керек. Резервуарда жылытылган мунай продуктунун температурасы башкаруу бөлмөсүндө (оператордукта) көрсөткүчтөрдү каттоо менен тынымсыз көзөмөлдөнүп, документтештирилиши керек.

Змеевиктик жылыткычтар менен жабдылган резервуарларда жылыткычтардын үстүндөгү суюктуктун деңгээли 500 ммден аз болгондо мазутту жылытууга жол берилбейт.

85. Жылыткычтар болоттон жасалган тигишсиз түтүктөрдөн жасалышы керек.

86. Резервуарларда мунайды, мазутту жана башка жогорку илешкектүү мунай продуктуларын сактоодо чөкмөлөрдүн топтолушун алдын алуу үчүн жуу системасы колдонулушу мүмкүн.

87. Резервуарларды эксплуатациялоого тиешеси жок электр жабдууларын орнотууга жана резервуарлардын тосмосунун ичинде электр кабелдик линияларын транзиттик өткөрүүгө жол берилбейт.

88. Резервуардын жанына орнотулган бекитүүчү түзүлүштөр тосмонун сыртындагы технологиялык түтүктөрдө бекитүүчү түзүлүштөрдү орнотуу менен кайталанышы керек.

Тосмонун сыртындагы клапандардын түйүндөрү керектүү технологиялык которуштурууларды, ошондой эле ар бир резервуарды ишенимдүү түрдө өчүрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек. Аралыктан башкарылуучу арматураны (электр, пневмо же гидро кыймылдаткычтуу) колдонуу айлантуунун технологиялык процессинин шарттары менен аныкталат.

Жаңыдан долбоорлонуп жаткан резервуарлар үчүн бекитүүчү арматуранын кыймылдаткычтарын башкаруу башкаруу бөлмөсүнөн (оператордуктан) жана аны орнотуу жеринен аралыктан жүргүзүлүшү керек.

89. Резервуардык парктардын жалпы жарыктандыруусу прожекторлор менен ишке ашырылышы керек.

Прожектордук мамылар резервуарлардан кеминде 10 м алыстыкта, бирок тосмолоо же тосуучу дубалдардын зонасынын сыртында, орнотулушу керек.

90. Мунай продуктулары электростатикалык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн чачыратпай, бүркпөй же катуу аралаштырбай резервуарга берилиши керек (технология менен аралаштыруу каралып жана электростатикалык коопсуздуктун атайын чаралары камсыздалган учурларды кошпогондо).

Бошотулган резервуарды толтурууда мунай (мунай продуктулары) кабыл алуучу патрубок толтурулганга чейин же понтон (калкып жүрүүчү чатыр) калкып чыкканга чейин секундасына 1 метрден ашпаган ылдамдыкта берилиши керек.

91. Резервуардык парктарда мунайды жана мунай продуктуларын кабыл алуу, сактоо жана жөнөтүү боюнча бардык технологиялык операциялар өндүрүштүк нускамалардын (технологиялык карталардын) жана ушул Эрежелердин талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

92. Резервуарларды эксплуатациялоо процессинде алардын техникалык абалын кароону, техникалык тейлөөнү, оңдоону жана техникалык диагностикалоону техникалык документацияда көрсөтүлгөн

жана долбоордук документацияда аныкталган, ушул Эрежелердин талаптарын эске алуу менен даярдоочу уюмдун талаптарына ылайык камсыз кылуу зарыл.

93. Резервуарлардын, задвижкаларды башкаруучу кудуктардын жана башка курулмалардын ичин кароодо, эгерде аларда мунай продуктуларынын буулары болсо, дем алуу органдарын коргоочу изоляциялоочу каражаттарды колдонуу керек.

## § 4. Тарада мунай продуктуларын сактоо үчүн кампалык имараттар жана курулмалар

94. Мунай продуктуларын идиштерде сактоо үчүн арналган кампалык имараттарды жана курулмаларды жайгаштыруу шаар куруу ишмердүүлүгү жөнүндө мыйзамдардын, долбоордук документтердин жана ушул Эрежелердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

95. Тараларда мунай продуктуларын сактоо атайын имараттарда жана курулмаларда, чатырлардын астында жана ачык аянтчаларда жүргүзүлүүгө тийиш.

Жалындоо температурасы 45 градус Цельсий жана андан төмөн болгон оңой от алуучу мунай продуктуларын ачык аянтчаларда сактоого жол берилбейт.

96. Сактоо үчүн таранын түрлөрү, аны даярдоого, толтурууга жана маркалоого, аны сактоо жана ташуу шарттарына коюлуучу талаптар эксплуатациялык документацияга жана ушул Эрежелердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

97. Мунай продуктуларын физикалык-химиялык касиеттери мунай продуктуларынын кычкылдануусуна жана от алуусуна жөндөмдүү заттар менен бир бөлмөдө бирге сактоого жол берилбейт.

98. Тарада мунай продуктуларын сактоо үчүн кампалык жайларда жана аянтчаларда жүктөө-түшүрүү иштерин жүргүзүү үчүн механикалаштыруу каражаттары каралууга жана көрсөтүлгөн сактоо жайларына жана аянтчаларына коопсуз өтүү үчүн шарттар камсыздалууга тийиш.

99. Тарадагы мунай продуктуларын кампалык жайларда сактоодо төмөнкү шарттар камсыздалышы керек:

- жайдын газга толуп калуусун көзөмөлдөө (ООСды сактоодо);
- аба алмашуунун керектүү эселиги;
- жүктөө-түшүрүүчү түзүлүштөрдүн болушу.

100. Тарада мунай продуктуларын сактоо үчүн кампа имараттарынын полдору күйбөс жана мунай продуктуларын сиңирбеген материалдардан жасалышы керек, ООСды сактоодо - учкун чыгарбоочу материалдардан жасалышы керек. Полдун бети орой болбошу керек жана суюктуктун арыкчаларга агып кетиши үчүн жантаюу менен жасалышы керек.

Тарага мунай продуктуларын куюу жана таңгактоо пункттарындагы электр өткөрбөс материалдардан жасалган полдор толтуруу учурунда

металл тара орнотулган жерге туташтырууну камсыз кылуу менен металл листтери менен жабылышы керек. Челектерди, бидондорду жана башка жылма идиштерди учу болтко ылайыктуу жез трос менен жерге туташтыруучу түзүлүшкө кошуу аркылуу жерге туташтырууга жол берилет.

101. Тарада мунай продуктуларын сактоо үчүн аянтчалар катуу төшөлгөн жана суунун агып кетиши үчүн жантаюу менен болушу керек.

102. Тарада мунай продуктуларын сактоо үчүн кампа жайларында мунай продуктуларын таңгактоого, таңгактоочу материалдарды, бош тараны жана башка буюмдарды сактоого жол берилбейт.

103. Тарада мунай продуктуларын сактоо үчүн аянтча суунун агып кетиши үчүн жантаюу менен кошо куюлган бетон жолдор жана суу өткөрүүчү каналдар менен жабдылышы керек. Суу өткөрүүчү лотоктор, түтүктөр, бетон жолдор оң абалда сакталышы керек. Суу өткөрүүчү лотокторду, түтүктөрдү жана бетон жолдорду тазалоо мезгилдүүлүгү эксплуатациялоочу уюмдун техникалык документтеринде аныкталат.

104. Мунай продуктуларын (майлар, майлоочу майлар) челектерге жана майда тараларга толтуруу жана таңгактоо мунай продуктуларын куюу жана таңгактоо пункттарында жүргүзүлүшү керек. Куюу жана таңгактоо пункттарынын жайлары климаттык шарттарга жана продукциянын түрлөрүнө жараша имараттарда же чатырдын астындагы аянтчаларда жайгаштырылышы керек. Куюлуучу продукциянын түрүнө жана көлөмүнө жараша жай өзүнчө секцияларга бөлүнүшү керек.

105. Мунай продуктуларын тарага куюу жана таңгактоо пункттарынын жайларындагы электр жабдуулары, электр өткөргүчтөрү Бажы союзунун "Жарылуу коркунучу бар чөйрөлөрдө иштөө үчүн жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин (мындан ары – БС ТР 012/2011) талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

106. Мунай продуктуларын тарага куюу жана таңгактоо пункттарынын жайлары мунай продуктуларын берүү, толтуруу жана санын аныктоо үчүн автоматташтырылган түзүлүштөр, куюуну автоматтык түрдө токтотуу каражаттары, газдын топтолушун көзөмөлдөө жана авариялык желдетүү системалары, жүктөө иштерин механикалаштыруу каражаттары менен жабдылууга тийиш.

107. Суюк продукцияны майда тарага куюу герметикалык куюуну камсыз кылуучу автоматтык орнотмолордо жана автоматтык линияларда жүргүзүлүшү керек.

108. Өлчөөчү түзүлүштөр, ошондой эле суюк продукцияны тарага куюучу таңгактоочу агрегаттар (камералар) жергиликтүү соргучтар менен жабдылууга тийиш.

109. ООСды металл челектерге куюуда куюучу шлангдын патрубогу түбүнө чейин түшүрүлүшү керек. Патрубок, шланг жана челек жерге туташтырылууга тийиш.

110. ООСды жана КСды автомобилдерге түздөн-түз орнотулган челектерге куюуга жол берилбейт.

111. Мунай продуктуларын тарага куюу жана таңгактоо пункттарын негизги түтүктөргө кошуу аралыктан жана (же) жергиликтүү башкаруусу менен бекитүүчү арматура аркылуу жүргүзүлүүгө тийиш.

112. Мунай продуктуларын тарага куюу жана таңгактоо пункттарынын жайларынын алдында механикалаштыруу каражаттары менен жабдылган жүктөө-түшүрүү аянтчалары (пандустар) жайгаштырылууга тийиш.

113. Жалпы сыйымдуулугу 200 куб метрге чейинки, бирдиктүү сыйымдуулугу 25 куб метрге чейинки мунай продуктулары бар бөлүштүрүүчү резервуарлар, берилүүчү мунай продуктуларынын түрүнө жараша, куюу жана таңгактоо пункттарынын имаратында жайгаштырылат:

– резервуарлардан бууларды имараттардын жана жел кирүүчү желдетүүчү түзүлүштөрдөн чегинен тышкары чыгарууну камсыз кылуу шартында;

– имараттын бүтүн (оюксуз) дубалынан 2 метр аралыкта;

– мунай продуктусунун төгүлүү аянтын чектеген тосмо түзүлүштөр (борттор) болгон учурда.

114. Мунай продуктуларын кабыл алуу, сактоо жана тарага куюу боюнча бардык технологиялык операциялар эксплуатациялоочу уюм тарабынан бекитилген документтерге (стандарттарга, жоболорго, өндүрүштүк нускамаларга, технологиялык карталарга) жана ушул Эрежелерге ылайык жүргүзүлөт.

## § 5. Мунайды жана мунай продуктуларынын кампаларынын технологиялык түтүктөрү

115. Технологиялык түтүктөрдү эксплуатациялоо жана тейлөө алардын технологиялык түтүктөрдүн бүткүл эксплуатациялык мөөнөтү ичинде долбоордук документациянын талаптарына шайкештигин камсыз кылууга тийиш.

116. Технологиялык түтүктөрдү эксплуатациялоону жүзөгө ашыруучу уюмдар алардын коопсуз эксплуатациясын, текшерүү жана оңдоо иштерин жүргүзүүнү контролдоону, ошондой эле алардын ченемдик документтердин талаптарына шайкештигин баалоону камсыз кылууга милдеттүү.

117. Долбоордук документтерде технологиялык түтүктөрдүн кызмат өтөө мөөнөтү, категориясы жана тобу аныкталууга тийиш.

118. Мунайды жана мунай продуктуларын ташуу үчүн болоттон жасалган түтүктөр колдонулууга тийиш. Айнектен, ошондой эле күйүүчү жана кыйын күйүүчү материалдардан (фторопласт, полиэтилен, винипласт) жасалган түтүктөрдү колдонууга жол берилбейт.

119. Мунайды жана мунай продуктуларын сактоочу кооптуу өндүрүштүк объектилеринин жаңыдан курулуп жаткан жана реконструкцияланып жаткан күйүүчү май куюучу комплекстери үчүн реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн күйүүчү майдын технологиялык

түтүктөрү ички жана тышкы коррозияга каршы каптамасы бар аз көмүртектүү болоттон же коррозияга туруктуу болоттон жасалууга тийиш.

Технологиялык түтүктөр жер астына төшөлгөндө, коррозиядан электрохимиялык коргоону кошумча кароо зарыл.

120. Авиациялык күйүүчү майдын түтүктөрүнүн конструкцияларында жез жана кадмий эритмелеринен, ошондой эле цинктелген болоттон жасалган материалдарды колдонууга жол берилбейт.

121. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын аймагында төшөлгөн технологиялык түтүктөр аларды эксплуатациялоодо, тейлөө, оңдоо жана алмаштыруу иштерин жүргүзүүдө ыңгайлуулукту жана коопсуздукту камсыз кылышы керек.

122. Технологиялык түтүктөр электр ширетилген жана тигишсиз түтүктөрдөн, анын ичинде коррозияга каршы каптамасы бар түтүктөрдөн жасалышы керек. Түтүктөрдү тандоо ташылып жаткан өрт-жарылуу коркунучу бар заттардын касиеттерине жана жумушчу параметрлерине жараша жүргүзүлүшү керек.

123. Түтүктөрдүн өз ара бириктирилиши ширетилген болушу керек. Технологиялык түтүктөр аркылуу илешкектүү жана катып калуучу мунай продуктуларын айдап өткөрүүдө арматураны орнотуу жерлеринде жана жабдуулар менен бириктирүүдө күйбөс материалдардан жасалган төшөмөлөрдү колдонуу менен фланецтик бириктирүүлөрдү орнотуу долбоордук документацияда негизделиши керек.

124. Технологиялык түтүктөрдө басымдын эсептелгенден жогору көтөрүлүүсү мүмкүн болгон учурда сактагыч клапандар орнотулушу керек, алардан чыгарылган заттар жабык технологиялык системаларга же авариялык чыгаруу резервуарларына багытталышы керек.

125. Долбоордук документацияда түтүктөрдү мунай продуктуларынан бошотуу боюнча чаралар каралышы керек.

Технологиялык түтүктөрдө туюк жана туруп калуу зоналарынын пайда болушуна жол берилбейт.

126. Технологиялык түтүктөрдү төшөө токтоп калганда аларды бошотуу мүмкүнчүлүгү үчүн жантаюу менен жүргүзүлүшү керек. Куурлардын кабыл алынган жантаюусунун чоңдугу долбоордук документацияда негизделиши керек.

127. Технологиялык түтүктөрдү үйлөтүү үчүн инерттүү газды же бууну берүү түтүктөрдүн баштапкы жана акыркы чекиттеринде жүргүзүлүшү керек. Бул үчүн арматурасы жана тыгыны бар штуцерлер каралышы керек.

128. Илешкектүү продуктуларды айдап өткөрүү үчүн технологиялык түтүктөр сырткы жылытууга ээ болушу керек. Жылуулук алып жүрүүчү катары буу, өнөр жайлык жылуулук суусу жана электр жылытуу колдонулушу мүмкүн. Эгерде электр жылытуу ленталык жылыткычтардын жардамы менен колдонулса, анда алар жарылуудан корголгон конструкцияда жасалышы керек.

Жылуулук алып жүрүүчүнүн түрү жана жылытуу ыкмасы айдалуучу продуктунун түрүнө, анын физикалык-химиялык касиеттерине жана өрт-жарылуу коркунучунун көрсөткүчтөрүнө, климаттык шарттарга жараша тандалышы керек.

129. Мазутту технологиялык түтүктөр аркылуу ташуу үчүн тынч көмүртектүү жана аз легирленген болоттон жасалган тигишсиз болот түтүктөрүн колдонуу керек.

130. Мазутту ташуу үчүн түтүктөрдүн температуралык деформациялары түтүктөрдүн трассасынын бурулуштарынын жана ийилүүлөрүнүн эсебинен же атайын компенсациялоочу түзүлүштөрдү (П-сымал компенсаторлорду) орнотуу менен компенсацияланышы керек.

131. Мазут ташуу үчүн технологиялык түтүктөрдө сальник, линза жана толкундуу компенсаторлорду колдонууга жол берилбейт.

132. Мунайды жана мунай продуктуларын ташуу үчүн технологиялык түтүктөрдө жабуучу жана (же) кесүүчү арматура орнотулушу керек.

Арматуранын жапкычынын герметикалык классы ташылып жаткан мунай продуктуларынын физикалык-химиялык касиеттеринен улам тандалып алынат.

133. Шарттуу диаметри 400 ммден ашкан технологиялык түтүктөргө орнотулган жабуучу арматура аралыктан башкаруусу жана кол менен кайталоосу менен механикалык кыймылдаткычка (электр-, пневматикалык- же гидравликалык кыймылдаткыч) ээ болушу керек.

134. Технологиялык түтүктөрдөгү пломбалардын конструкциясы, сальник тыгыздоочулары, төшөмөлөрдүн материалдары жана фланецтик бириктирүүлөрдү орнотуу технологиялык системанын эксплуатациясынын оңдоо аралык мезгилинде керектүү герметикалык даражаны камсыз кылышы керек.

## § 6. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын мунай жана мунай продуктуларынын насостук орнотмолору (станциялары)

135. Насос агрегаты же насостук агрегаттар тобу бар мунайдын жана мунай продуктуларынын насостук орнотмолору (станциялары) жабык типте (имараттын ичинде) жана ачык типте (чатыр астында) болушу мүмкүн.

136. Ачык насостук станцияларда, чатыр астында жайгашкан, каптал тосмолордун аянты жабылган тараптын жалпы аянтынын 50 пайызынан ашпашы керек (полдон насостук станциянын жабуусунун же каптоосунун чыгып турган бөлүгүнө чейинки бийиктиги боюнча эсептегенде).

Ачык насостук станциялардын коргоочу каптал тосмолору күйбөс материалдардан жасалышы керек жана табигый желдетүү шарттары боюнча полго жана насостук станциянын каптоосуна (жабуусуна) 0,3 метрден кем эмес жетпеши керек. Ачык насостук станциялардын каптал тосмолору катары туташ металл торчону колдонууга жол берилет.

Ачык насостук орнотмолордо (станцияларда) долбоордук документтерде негиздеме болгон учурда полду жылытуу каралышы керек. Полду жылытуучу түзүлүштөр эң суук беш күндүктүн орточо температурасында насостук жабдуунун (станциянын) полунун бетинде плюс 5 градус Цельсийден төмөн эмес температураны камсыз кылышы керек.

137. Насостук агрегаттар алардын бүткүл кызмат мөөнөтү бою коопсуз иштешин камсыз кылышы керек.

ООС жана КС айдап берүү үчүн , торцтук тыгыздоочусу бар сальниксиз центробеждик насостор колдонулушу керек. Торцтук тыгыздоонун түрү (жалгыз, жалгыз кошумча тыгыздоосу бар, кош) айдалып жаткан чөйрөнүн физикалык-химиялык касиеттерине жараша аныкталууга тийиш.

Кош торцтук тыгыздоо колдонулганда, бекитүүчү суюктук катары күйбөс жана (же) айдалуучу чөйрөгө нейтралдуу суюктуктар колдонулушу керек.

Аз көлөмдөгү суюктуктарды (ООС жана КС) жеткирүү ылдамдыгында, анын ичинде дозалоо системаларында, башка типтеги насосторду (поршеньдүү, плунжердүү, мембраналуу, винттүү, тиштүү) колдонууга жол берилет.

Насосторду тандоодо жарылуу коркунучу бар чөйрөдө иштөө үчүн жабдуулардын коопсуздугуна карата техникалык талаптар жана ушул Эрежелердин, ошондой эле даярдоочу уюмдун техникалык документтеринин талаптары эске алынышы керек.

138. Айдоочу түтүктө ташылып жаткан заттардын артка жылышына жол бербөө үчүн кайра кайтаруучу клапан орнотулушу керек.

139. ООС жана КС берүү ылдамдыгын регламенттелген маанилердин чегинде чектөө ыкмасын тандоо долбоордук документтерде негизделиши керек (насостун соруучу түтүгүнө мунай продуктунун бир бөлүгүн өткөрүү үчүн коопсуз линиянын болушу, насостун жыштык менен жөнгө салынуучу электр кыймылдаткычын орнотуу).

140. Насос агрегаттары өндүрүүчү уюмдун техникалык документтеринин талаптарына ылайык алардын иштешин камсыз кылуучу автоматташтыруу системалары менен жабдылууга тийиш.

141. Мунай жана мунай продуктуларын сордуруучу насостук агрегаттар башкаруу бөлмөсүнөн (оператордук бөлмөдөн) аралыктан өчүрүлүүгө тийиш жана ордунан.

142. Эксплуатациялоочуу уюм аларды коопсуз пайдаланууну камсыз кылуу максатында насостук агрегаттардын вибрациянын деңгээлине вибрациялык абалын контролдоону орнотушу керек.

143. Кыймылдуу бөлүктөрдө тосмо болбогон учурда насостук агрегаттарды ишке киргизүүгө жана пайдаланууга жол берилбейт.

144. Жабык насостук станцияларда пол күйбөс жана мунай продуктуларынын таасирине туруктуу материалдардан жасалышы керек. Полдордо дренаждык лотоктор жайгаштырылышы керек. Лотоктор суу

жана мунай продуктулары үчүн өткөрбөс жана жабык болушу керек. Лотоктор канализацияга гидрожапкычтар аркылуу канализация тарапка туруктуу жантаюу менен туташтырылышы керек.

145. Насостук станциялардын имараттарында насостордун, түтүктөрдүн жана арматуралардын жайгашуусу аларды техникалык тейлөө, кароо, оңдоо жана монтаждоо (демонтаждоо) боюнча коопсуз иштерди жүргүзүүнү камсыз кылууга тийиш.

146. Долбоорлонуп жаткан жана реконструкцияланууучу кооптуу өндүрүштүк мунай жана мунай продукт кампаларынын объекттери үчүн көмүлгөн насостук станцияларды курууга жол берилбейт.

147. Ачык аянтчаларда жогорку илешкектүү, суу аралашкан же сырткы абанын температурасында катып калуучу мунай заттарын айдаган насостук агрегаттарды орнотууда алардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуучу талаптар сакталууга тийиш (жылуулук изоляциясы, насосторду жана түтүктөрдү жылытуу, насосторду жана түтүктөрдү үйлөтүү, жуу, буулоо системаларынын болушу).

148. ООС жана КС айдаган насостордун корпустары насостор менен бир рамада жайгашкан электр кыймылдаткычтарынын жерге туташтырылышына карабастан, өзүнчө жерге туташтырылышы керек.

149. Жабык жана ачык типтеги насостук орнотмолордо (станцияларда) насостук имараттын ичиндеги жана ачык насостук орнотмолордун станциялардын жумушчу зонасындагы газдын булганышын автоматтык түрдө көзөмөлдөөчү каражаттарды орнотуу керек, ЖТТКЧ боюнча күйүүчү газдардын жана мунай продуктуларынын бууларынын концентрациясы ЖТТКЧнин көлөмдүк 20 пайызына жеткенде башкаруу бөлмөсүнө (оператордукка) сигнал (жарык жана үн) берүү менен.

Жабык типтеги насостук станцияларда имараттын ичинде газдын топтолушу жөнүндөгү сигнал насостук станциянын имаратына кире бериште кошумча орнотулат.

Жабык типтеги насостук станцияларда күйүүчү газдар жана мунай продуктуларынын буулары ЖТТКЧнин көлөмүнүн 20 пайызына жеткенде авариялык желдетүү ишке киргизилет.

Күйүүчү газдар жана мунай продуктуларынын буулары ЖТТКЧнин көлөмүнүн 50 пайызына жеткенде мунай продуктуларын сордуруучу насостук агрегаттарды автоматтык түрдө өчүрүү каралышы керек.

Бардык газга толуп калуу учурлары автоматтык жазуусу бар приборлор менен катталып, документтештирилиши керек.

150. Жабык насостук станциялар аба киргизүү-чыгаруу желдетүү системасы менен жабдылышы керек.

Жабык насостук станцияны авариялык желдетүү менен жабдуу айдап өткөрүлүүчү мунай продуктуларынын физикалык-химиялык касиеттерине жараша аныкталат.

151. Насостук станциялардын имараттары технологиялык жабдууларды оңдоо үчүн жүк көтөрүүчү түзүлүштөр менен жабдылышы керек.

152. Ар бир насостук агрегатта комплектациялык бөлүктөрдү оңдоо жана алмаштыруу боюнча бардык маалыматтар жазылган өндүрүүчү уюмдун паспорту болушу керек. Насос агрегатынын паспортунда анын иштөө мөөнөтү көрсөтүлүшү керек.

153. Насосторду монтаждоо, жөндөө жана сыноо долбоордук документациянын жана өндүрүүчү уюмдун техникалык документациясынын талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

## 3-глава. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объектилеринде инженердик-техникалык камсыздоо системаларына карата өнөр жай коопсуздугунун талаптары

### § 1. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттериндеги автоматташтырылган башкаруу системалары

154. Долбоордук документтерде каралган технологиялык операцияларды ишке ашыруу үчүн бөгөттөөлөрдүн жана сигнализациянын ишке кирүү жөндөөлөрүнүн тизмесин эксплуатациялоочу уюм бекитет.

155. Өндүрүштүк жайлардын жана тышкы орнотмолордун жарылуу жана өрт коркунучу бар зоналарында автоматташтыруу, байланыш жана кабарлоо системаларынын электрдик каражаттары БС ТР 012/2011 талаптарына жооп бериши керек.

156. Ачык абада орнотулган контролдук-өлчөөчү приборлор жабык шкафтарда жайгаштырылышы керек.

157. Мунай жана мунай продуктуларын өткөрмө түтүктөрү боюнча айлантуу процесстерин башкаруу жана контролдоо, ошондой эле төгүү жана куюу башкаруу бөлмөсүнөн (оператордук жана (же) диспетчердик) борборлоштурулган түрдө жүзөгө ашырылууга тийиш.

158. Автоматташтыруу системаларына кирген бузук же өчүрүлгөн приборлор менен технологиялык операцияларды жүргүзүүгө жана жабдууларды иштетүүгө жол берилбейт.

159. Автоматташтыруу системасынын элементтерин алмаштыруу мезгилинде технологиялык операцияларды кол менен жүргүзүүдө коопсуздукту камсыз кылуучу чаралар жана каражаттар каралышы керек. Технологиялык операцияларды кол менен жүргүзүү боюнча көрсөтүлгөн чаралар жана каражаттар эксплуатациялоочу уюм тарабынан бекитилген технологиялык операцияларды жүргүзүү боюнча нускамада көрсөтүлүшү керек.

160. Автоматташтыруу, байланыш жана кабарлоо системаларында иштөө мөөнөтү аяктаган приборлорду колдонууга жол берилбейт.

161. Мунай продуктуларын сактоо жана кайра жүктөө учурунда технологиялык операцияларды жүргүзүүдө чектик параметрлердин

маанилери эксплуатациялоочу уюм тарабынан бекитилген көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүү боюнча нускамада көрсөтүлөт.

162. Бардык өлчөө каражаттары "Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык текшерүүдөн жана (же) калибрлөөдөн өткөрүлүүгө тийиш.

## § 2. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттериндеги электр менен камсыздоо жана электр жабдуулары

163. Электр энергиясынын негизги булагынан берилиши токтогон учурда үзгүлтүксүз электр менен камсыздоону камсыз кылуу үчүн, электр энергиясынын негизги булагынан резервдик булакка автоматтык түрдө которуу каражаттары колдонулушу керек.

164. Кабель трассаларын жайгаштыруу, жогорку температуранын таасирин, механикалык бузулууларды болтурбоочу жерлерде ачык жол менен жүргүзүлүшү керек.

Мунай жана мунай продуктулары сакталган кооптуу өндүрүштүк объектилердин аймагы аркылуу өткөрүлүүчү электр кабелдери күйбөй турган материалдардан жасалган изоляцияга жана кабыкка ээ болууга тийиш.

165. Электр кабелдери жана түтүктөр өтүүчү дубалдардагы жана полдордогу тешиктер күйбөс материалдар менен тыгыз бекитилиши керек.

166. Мунай жана мунай продуктулары сакталган кампалардын кооптуу өндүрүштүк объектилеринде долбоордук документтерде кабыл алынган техникалык чечимдерди негиздөө менен жалпы курулуш конструкцияларында кабелдик трассаларды жана технологиялык түтүктөрдү төшөөгө жол берилет.

167. Жарылуу жана өрт коркунучу бар жайларды, ачык аянтчаларды, аппараттарды, арматураларды жана жабдууларды убактылуу жарыктандыруу үчүн жарылуудан корголгон көчмө чырактарды колдонуу керек.

168. Жарылуу коркунучу бар зонадан тышкары жайгашкан тышкы орнотмолор үчүн электр жабдуулары климаттык факторлорду эске алуу менен атмосфералык таасирлерден коргоо менен жабык же жабык үйлөтүлүүчү конструкцияга ээ болушу керек.

169. Мунай жана мунай продуктулары сакталган кооптуу өндүрүштүк объекттердин аймагында таңгакталган жүктөрдү жылдыруу үчүн жарылуудан корголгон электрлештирилген транспортту (өзү жүрүүчү аккумулятордук арабалар (электрокарлар), электрдик жүктөгүчтөр жана сүйрөгүчтөр) колдонуу керек. Буу концентрациясын көзөмөлдөө камсыз кылынган учурда учкун өчүргүчтөрү бар кадимки автотранспортту колдонууга жол берилет.

170. Электрлештирилген көтөрүүчү курулмаларды (жүк көтөрүүчү крандарды, электр талдарын, лебедкаларды) пайдаланууда жарылуу

коркунучу бар бөлмөлөрдө троллей зымдарын жана ачык ток алуучуларды колдонууга жол берилбейт.

171. Көчмө жана алып жүрмө электр жабдууларын туташтыруучу түзүлүштөр жарылуу коркунучу бар зоналардан тышкары жайгаштырылышы керек.

## § 3. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттериндеги чагылгандан коргоо жана статикалык электрден коргоо

172. Чагылгандан коргоочу түзүлүштөрдүн түрү жана жайгашуусу мунай жана мунай продуктулары сакталган кооптуу өндүрүштүк объектилерди долбоорлоо стадиясында долбоорлоочу тарабынан тандалат.

Тикелей чагылгандын соккусунан, анын экинчи көрүнүштөрүнөн жана жер үстүндөгү (жер астындагы) жана жер астындагы металл коммуникациялары аркылуу жогорку потенциалдын кирип кетишинен коргоо электр орнотмолорунун түзүлүш эрежелеринин талаптарына жооп бериши керек.

173. ООС сакталган резервуарлардын дем алуу арматурасы жана анын үстүндөгү мейкиндик, ошондой эле оңой күйүүчү суюктуктар куюлган цистерналардын моюнчасынын кесилишинин үстүндөгү мейкиндик, эгерде продукт куюу эстакадасында ачык куюлуп жатса, бийиктиги 2,5 метр жана радиусу 5 метр болгон цилиндр менен чектелип, чагылгандын түз тийүүсүнөн корголушу керек.

174. Имараттарды (курулмаларды) жана электр жабдууларын чагылгандын экинчи көрүнүштөрүнөн коргоо үчүн төмөнкү чаралар каралышы керек:

– корголуучу имаратта (курулмада) жайгашкан бардык жабдуулардын жана аппараттардын металл конструкциялары жана корпустары электр орнотмолорунун жерге туташтыруучу түзүлүшүнө кошулушу керек;

– түтүк өткөргүчтөрдүн элементтеринин же башка узун металл буюмдардын бирикмелеринде ар бир контакт үчүн 0,03 Омдон ашпаган өткөөл каршылыктар камсыздалышы керек.

175. Лак-боёк материалдары менен капталган жерге туташтырылган металл жабдуулар, эгерде анын ички жана тышкы бетинин каалаган жеринин жерге туташтыруу магистралына карата каршылыгы 10 Омдон ашпаса, электростатикалык жерге туташтырылган деп эсептелет.

Көрсөтүлгөн каршылыкты өлчөө айлана-чөйрөнүн салыштырмалуу нымдуулугу 60 пайыздан ашпаган шартта жүргүзүлүшү керек, мында өлчөөчү электроддун жабдуунун бети менен тийишкен аянты 20 квадрат сантиметрден ашпашы керек. Өлчөө учурунда электрод жабдуунун бетинин жерге туташтырылган металл элементтери, тетиктери, арматурасы менен тийишкен жерлеринен эң алыс жайгашкан чекиттеринде жайгаштырылышы керек.

176. Чагылган кабылдагычтарды токту өткөргүчтөр менен, ал эми токту өткөргүчтөрдү жерге туташтыргычтар менен бириктирүү ширетүү жолу менен аткарылышы керек, эгерде от менен иштөөгө жол берилбесе, чагылгандуу мезгил башталаар алдында каршылыкты жыл сайын милдеттүү түрдө көзөмөлдөө шарты менен өткөөл каршылыгы 0,05 Омдон ашпаган болттуу бириктирүүлөрдү жасоого уруксат берилет.

177. Жерге туташтыргычтар, токту алып кетүүчүлөр 5 жылда бир жолудан кем эмес көзөмөлгө алынып, ачылып, коррозияга учурашы текшерилет.

Жерге туташтыргычтарды жана токту алып кетүүчүлөрдү ачып, алардын коррозияга учурашын текшерүү топурактын коррозиялык активдүүлүгүнө жараша тандалма түрдө жүргүзүлөт.

Жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жана кароолордун жыйынтыктары чагылганга каршы түзүлүштүн паспортуна киргизилет.

178. Статикалык электрдин пайда болушунан сактануу үчүн төмөнкүлөр жерге туташтырылууга тийиш:

– жер үстүндөгү күйүүчү жана тез күйүүчү суюктуктар үчүн резервуарлар жана диэлектрик болуп саналган жана бууланганда аба менен жарылуу коркунучу бар аралашмаларды түзө алган башка суюктуктар;

– жер үстүндөгү түтүктөр ар бир 200 метр сайын жана кошумча ар бир бутакта, ар бир бутакты жерге туташтыргычка кошуу менен;

– мунай жана мунай продуктуларын куюу жана төгүү үчүн ийилчээк шлангтардын металл баштары жана патрубкалары;

– бири-бирине электрдик туташтырылган төгүү-куйуу участкаларынын темир жол рельстери, ошондой эле узундугу боюнча эки тараптан төгүү-куйуу эстакадаларынын металл конструкциялары;

– автоматтык куюучу түзүлүштөрдүн металл конструкциялары;

– мунай продуктуларын айдоо үчүн насостук станциялардын бардык механизмдери жана жабдуулары;

– жарылуу коркунучу бар бөлмөлөрдөгү желдетүү системаларынын металл аба өткөргүчтөрү жана изоляциялык каптоолору ар бир 40-50 м сайын.

179. Статикалык электрден коргоо үчүн жерге туташтыруучу түзүлүш электр жабдууларын жана чагылгандан коргоо үчүн жерге туташтыруучу түзүлүштөр менен бириктирилиши керек. Статикалык электрден гана коргоо үчүн арналган жерге туташтыруучу түзүлүштүн каршылыгы 100 Омдон ашпашы керек.

180. Бири-бирине кыймылсыз металл конструкцияларды (резервуарлар, түтүктөр) бириктирүү, ошондой эле аларды жерге туташтыргычтарга кошуу үчүн кеминде 48 квадрат миллиметр тилкелүү болоттон же диаметри 6 мм ашык тегерек болоттон ширетүү же болттор менен жасоо керек.

181. Темир жол жана автомобиль цистерналарына, жана башка көчмө идиштерге жана аппараттарга суюктуктарды куюу үчүн колдонулган металл

учтары бар резина шлангылары жерге туташтырылышы керек (диаметри 2 мм кем эмес жез зым менен же кесилиши 6 квадрат мм кем эмес жез зым менен оролуп, ороонун кадамы 100 мм ашпашы керек). Зымдын (же тросиктын) бир учу ширетүү (же болт менен) менен түтүк өткөргүчтүн металл жерге туташтырылган бөлүктөрүнө, ал эми экинчиси шлангдын металл учуна туташтырылат.

Шлангдын учтары урунганда учкун чыгарбаган металлдан жасалышы керек.

182. Электростатикалык индукциядан коргоо имараттарда, курулуштарда жана орнотмолордо жайгашкан бардык жабдууларды жана аппараттарды коргоочу жерге туташтыруу контуруна кошуу аркылуу камсыздалышы керек.

183. Электромагниттик индукциядан сактануу үчүн түтүктөр менен башка узун металл буюмдардын (курулуштун каркасы, сырткы кабыгы жок кабелдердин металл кабыктары) ортосунда, жарылуу коркунучу бар зонада имараттын (курулуштун) ичинде 10 см жана андан аз аралыкта бири-бирине жакын жерлерде, ар бир 20 метр сайын металл секиргичтерди ширетип же чаптоо керек, ошондо туюк эмес контурлар пайда болбошу керек.

Перемычкалар диаметри кеминде 5 мм болгон болот зымдан же кеминде 24 квадрат мм кесилиши бар болот лентадан жасалышы керек.

184. Жер астындагы металл коммуникациялары (куурлар, электр кабелдери, анын ичинде каналдарда жана тоннелдерде төшөлгөн) боюнча жогорку потенциалдардын кирип кетишинен сактоо үчүн, курулушка кирген жерде коммуникацияларды электр орнотмолорунун жерге туташтыргычына же чагылгандын түз тийүүсүнөн жерге туташтыргычка кошуу зарыл.

185. Чагылгандын экинчи көрүнүштөрүнө арналган жана имараттарды жана курулмаларды статикалык электрден коргоо үчүн колдонулган түзүлүштөрдү тандоо долбоордук документтерде негизделиши керек.

186. Чагылганды буруучуларда чагылган учурунда 4 метрден жакын аралыкка келүүгө тыюу салган эскертүү жазуулары болушу керек.

## § 4. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын коопсуз өндүрүштүк объекттериндеги байланыш жана кабарлоо системалары

187. Мунай жана мунай продуктулары менен технологиялык операцияларды коопсуз жүргүзүү үчүн персонал эки тараптуу үн күчөткүч байланыш системалары же телефон байланышы же радио байланыш менен камсыз болушу керек.

188. Байланыш түзүлүүчү өндүрүштүк участоктордун жана структуралык бөлүмдөрдүн тизмеси, ошондой эле байланыш түрлөрү долбоордук документтер менен аныкталат.

189. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объектилеринин бардык аянтчаларында күйүүчү буулардын авариялык чыгарылышын же мунай менен мунай продуктуларынын төгүлүшүн аныктоо жөнүндө кабарлоону камсыз кылуучу техникалык каражаттар каралышы керек.

190. Кырсыктар болгон учурда уюм, кабарлоо тартиби жана кызматкерлердин аракеттери кырсыктардын кесепеттерин локализациялоо жана жоюу боюнча иш-чаралардын пландары менен белгиленет.

## § 5. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттериндеги өндүрүштүк жайларды желдетүү

191. Өндүрүштүк жайларда желдетүү системаларынын аба алмашуусу жумушчу зонанын абасындагы зыяндуу заттардын концентрациясын жол берилген чектен төмөн, ал эми өрт-жарылуу коркунучу бар заттардын жана газдардын концентрациясын ЖТТКЧ дан төмөн камсыз кылууга тийиш.

192. Кооптуу заттардын күтүлбөгөн жерден кириши мүмкүн болгон өндүрүштүк жайларда авариялык желдетүү караштырылышы керек.

193. Авариялык желдетүү системалары бөлмөдөгү аба чөйрөсүнүн газга толуп кетүүсүн көзөмөлдөө системаларынан автоматтык түрдө ишке кириши керек. Автоматтык түрдө ишке киргизүүдөн тышкары, кол менен ишке киргизүү да каралышы керек (жергиликтүү жана аралыктан башкаруу бөлмөсүнөн).

194. Желдетүү системасына кооптуу заттардын кирип кетүүсүнө жол бербеген жерлерден желдетүү системалары үчүн аба киргизүүчү түзүлүштөрдү караштыруу зарыл.

195. Жарылуу жана өрт коркунучу бар категориядагы бөлмөлөр үчүн келүүчү системалардын жабдууларын кадимки аткарууда орнотууга жол берилет, эгерде желдетүү камерасынан чыгууда аба өткөргүчтөрүндө жарылуудан корголгон кайтарым клапандар каралган болсо.

196. Желдетүүчү жабдуулар, металл түтүктөр жана жылытуу жана желдетүү системаларынын аба өткөргүчтөрү жерге туташтырылууга тийиш.

197. Желдетүү системалары үчүн төмөнкүлөр каралышы керек:

– күйүүчү газдардын жана мунай продуктуларынын бууларынын концентрациясы бөлмөдө ЖТТКЧнын көлөмүнөн 20 пайызына жеткенде авариялык желдетүүнү автоматтык түрдө иштетүү;

– бөлмөдө абанын кепилденген басымын жана тамбур-шлюзде абанын басымын камсыз кылуучу басымдын төмөндөшү жөнүндө сигнализация;

– вентиляция системаларынын иштеши жөнүндө башкаруу бөлмөсүнө сигнал берүүчү сигнализация;

– калориферлерди тоңуп калуудан автоматтык коргоо;

– автоматтык өрт өчүрүү же сигнализация системасы менен жабдылган бөлмөдө өрт чыккан учурда желдетүү системаларын автоматтык түрдө өчүрүү;

– иштеп жаткан желдеткич бузулганда желдетүү системаларынын резервдик желдеткичинин автоматтык түрдө ишке кириши жана резервдин ишке киргендиги жөнүндө сигналдын берилиши.

## § 6. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттериндеги суу менен камсыздоо, өндүрүштүк канализация жана тазалоочу курулмалар

198. Суу менен камсыздоо системаларынын агрегаттарын электр менен камсыздоо мунай жана мунай продуктуларынын кооптуу өндүрүштүк объектилеринин кампаларындагы сууну керектөөчү объекттердин ишенимдүүлүк категориясы боюнча камсыздалышы керек.

199. 0,5 м ашык тереңдикте жайгашкан өндүрүштүк канализациянын насостук станциялары башкаруу бөлмөсүнүн пультуна сигнал берүүчү газдын бар экендигин аныктоочу датчиктер менен жабдылышы керек. Насостук станциянын газга толушу ЖТТКЧнын көлөмүнүн 20 пайызына жеткен учурда авариялык желдетүү ишке киргизилиши керек.

200. Суу түтүктөрүн, жер астындагы гидранттары бар кудуктарды текшерүү жана тазалоо эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан газ коркунучу бар иштерди коопсуз жүргүзүүнү уюштуруу боюнча инструкциянын талаптарын сактоо менен график боюнча жүргүзүлүшү керек.

201. Мунай жана мунай продуктуларын сактоочу резервуарлардын тобунун тосмосунун ичинде транзиттик суу түтүктөрүнүн өтүшүнө жол берилбейт.

202. Канализация системалары химиялык жактан булганган, технологиялык, жуунду жана башка агынды сууларды чыгарып тазалоону камсыз кылууга тийиш.

Бул агынды сууларды алдын ала жергиликтүү тазалоодон өткөрбөстөн агызууга жол берилбейт, эгерде эксплуатациялоочу уюмдун өзүнүн тазалоочу курулмалары жана мындай агынды сууларды кабыл алууга арналган магистралдык тармагы болгон учурлар буга кирбейт.

203. Мунай жана мунай продуктулары сакталган кампалардын кооптуу өндүрүштүк объектилеринин аянтчаларында өндүрүштүк жана жамгыр канализация системаларын бириктирүү өндүрүштүк жана жамгыр (нөшөр) агын сууларынын курамына жана көлөмүнө жараша аткарылышы керек.

204. Өндүрүштүк канализацияга төмөнкүдөй агынды суулар агызылышы керек:

– мунай жана мунай продуктуларын тындыруудан чыккан суулар;

– өрт учурунда резервуарларды муздатуучу суу;

– ачык аянттардан же тосмолордон келген жамгыр суусу;

– технологиялык жабдуулардан жана лабораториядан чыккан өндүрүштүк агындылар.

205. Өндүрүштүк саркынды суулардын түйүнү жабык болушу керек жана күйбөс материалдардан жасалышы зарыл.

206. Өрт-жарылуу коркунучу бар жана өрт коркунучу бар мунай продуктуларын канализацияга, анын ичинде авария болгон учурда дагы, төгүүгө жол берилбейт.

207. Мунай жана мунай продуктулары үчүн резервуарларды тазалоодон жана буулоодон чыккан саркынды суулар тазалоочу курулмаларга агызылышы керек.

Нефтешламдарды саркынды суулардын канализация тармактарына таштоого болбойт, нефтешламдар андан ары утилдештирүү үчүн зыянсыздандыруу түйүндөрүнө чыгарылууга тийиш

208. Мунай жана мунай заттары сакталган резервуардык парктардын аймагынан чыккан жамгыр канализациясынын задвижкалары жабык абалда болуп, пломбаланышы керек.

209. Жогорку илешкектүү мунай заттардын (гудрон, битум) резервуардык парктарынан жалаң гана жаан суулары чыгарылууга тийиш.

210. Резервуарлар тобунан же бир резервуардан тосмонун сыртындагы саркынды суу чыгаруучу жерлерге бекиткичтери бар кудуктарды, аларды жер үстүнөн башкаруучу түзүлүштөрдү, ошондой эле гидравликалык бекиткичтерди орнотуу зарыл. Гидравликалык бекиткичтеги суюктуктун бийиктиги 0,25 м кем болбошу керек.

211. Булганган агынды сууларды тиричилик канализациясына гидрожапкычсыз түз кошууга болбойт. Эгерде агынды сууга өрт-жарылуу коркунучу бар жана уулуу заттар түшүп калышы мүмкүн болсо, тазалоочу курулмалардын коллекторуна кире бериште алардын курамын көзөмөлдөө жана сигнализациялоо каражаттары орнотулушу керек, ошондой эле бул заттардын тиричилик канализациясына түшүп кетүүсүнө жол бербөө чаралары көрүлүшү зарыл.

212. Канализация тармактарындагы кудуктарды технологиялык түтүктөрдүн эстакадаларынын астына, жарылуу коркунучу бар продуктуларды камтыган өзүнчө турган жабдуулардын четтеринин жана тосмолорунун ичине жайгаштырууга жол берилбейт.

213. Канализациялык кудуктарды, түтүктөрдү, лотокторду, гидрожапкычтарды кароо жана тазалоо газ кооптуу жумуштарды коопсуз жүргүзүүнү уюштуруу боюнча эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан техникалык документтердин талаптарын сактоо менен жүргүзүлүүгө тийиш.

214. Өндүрүштүк агынды суулардын канализацияга агызылган температурасы 40 градус Цельсийден жогору болбошу керек.

215. Тазалоочу курулмаларда төмөнкү чыгымдарды өлчөөчү түзүлүштөр каралышы керек:

– тазалоочу курулмаларга келип түшкөн саркынды суулар;

– тазаланган саркынды суулар.

216. Канализациялык тармакта мунай кармагычтардын алдында жана кийин 10 метрден кем эмес аралыкта гидравликалык бекиткичтүү кудуктар орнотулушу керек. Эгерде мунай продуктуларын чыгаруу үчүн бир нече мунай кармагычтан коллектор орнотулган болсо, анда коллекторго ар бир кошулууда гидравликалык бекиткичтүү кудук орнотулушу керек.

217. Мунай кармагычтар күйбөгөн материалдардан жасалып, жабык болушу керек.

218. Агынды суулардын сапатын көзөмөлдөө үчүн агынды суулардан үлгүлөрдү алып, алардын химиялык анализин жүргүзүү уюштурулушу керек.

## § 7. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын коопсуз өндүрүштүк объекттериндеги жабдууларга карата талаптар

219. Технологиялык процессте колдонулган негизги жабдуулардын жарактуулук мөөнөтү (ресурсу) белгилениши керек, ал эми жабдуунун курамына кирбеген түтүктөр жана арматуралар үчүн эсептик эксплуатациялык мөөнөт белгилениши керек, бул долбоордук документтерде жана техникалык паспортто чагылдырылышы керек.

220. Жабдууларды, механизмдерди, шаймандарды бузук абалда же коопсуздук түзүлүштөрү (блоктоочу, бекитүүчү жана сигналдык шаймандар жана приборлор) бузук болгондо, ошондой эле паспорттук көрсөткүчтөрдөн жогору жүктөмдө жана басымда эксплуатациялоого тыюу салынат.

221. Шаймандарды жана контролдук-өлчөөчү приборлорду эксплуатациядан чыгаруу алардын тетиктеринин физикалык эскириши боюнча, ошондой эле алардын жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин жүргүзүлүшү керек.

222. Жабдууну ондоо ал өчүрүлгөндөн кийин, басым түшүрүлгөндөн, кыймылдуу бөлүктөрү токтотулгандан жана алардын кокусунан кыймылга келишине жол бербөө чаралары көрүлгөндөн кийин гана жүргүзүлүшү керек. Ишке киргизүүчү түзүлүшкө сөзсүз түрдө: «Иштетпе – адамдар иштеп жатат» деген плакат илинет.

223. Техникалык күбөлөндүрүү, монтаждоо же эксплуатациялоо процессинде жабдуунун ушул Эрежелердин жана башка коопсуздук эрежелеринин талаптарына дал келбестиги аныкталса, анда анын эксплуатацияланышына жол берилбеши керек.

224. Жабдуунун конструкциясына өзгөртүүлөр бул жабдууну иштеп чыгуучу жана долбоорлоочу уюмдар менен макулдашылгандан кийин гана киргизилиши мүмкүн.

225. Технологиялык системалар (системалардын айрым элементтери) алардын коопсуз иштешин камсыз кылуучу зарыл көзөмөл, коргоо жана блоктоочу каражаттар менен жабдылышы керек.

226. Жабдууну (аппараттарды, түтүктөрдүн участокторун ж.б.) ишке киргизүүдө же токтотууда технологиялык системада жарылуу коркунучу бар аралашмалардын пайда болушун алдын алуу боюнча чаралар каралышы керек (инерттүү газ менен үйлөтүү, үйлөтүүнүн натыйжалуулугун көзөмөлдөө ж.б.).

227. Климаттык шарттарга ылайык келбеген категорияда жасалган жабдууларды колдонууга жол берилбейт.

228. Жумушчулар үчүн коркунучтун булагы боло турган жабдуулардын түйүндөрү, тетиктери, шаймандары жана элементтери, ошондой эле тосмо жана коргоочу түзүлүштөрдүн беттери коргоочу түстөргө боёлушу керек.

229. Жабдуунун чыңалуу астында калышы мүмкүн болгон металл бөлүктөрүндө коргоочу жерге туташтыруу же нөлдөө үчүн көрүнгөн элементтер конструкциялык түрдө каралышы керек. Бул элементтердин жанында «Жерге туташтыруу» белгиси тартылат.

230. Тейлөөчү персоналдын жаракат алышына же аларга зыяндуу таасир этишине алып келиши мүмкүн болгон жабдуулар жана орнотмолор тосулат же экрандалат.

231. Жабдуунун бекитүүчү бөлүктөрүндө жана бириктирүүчү элементтеринде иштөө учурунда өз алдынча бошоп кетүүнү жана ажырап кетүүнү алдын алуучу шаймандар (контргайкалар, шплинттер, шынаалар ж.б.) каралышы керек.

232. Жабдуу анын нормалдуу иштешин камсыз кылуучу бекем пайдубалга (негизге) орнотулушу керек.

233. Тейлөө үчүн жумушчуну 0,75 м бийиктикке чейин көтөрүүнү талап кылган жабдуу тепкичтер менен, ал эми 0,75 мден жогору бийиктикке көтөрүүнү талап кылган жабдуу тосмолору бар тепкичтер менен жабдылат.

234. Бийиктиктеги жумушчу аянтчалары тайгалануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруучу бети бар металл барактардан жасалган төшөлмөгө, бири-биринен 40 см ашпаган аралыкта жайгашкан узунунан кеткен планкалары бар 1,25 м бийиктиктеги тосмолорго жана төшөлмөгө тыгыз жабышкан бийиктиги 15 см кем эмес бортко ээ болушу керек.

## 4-глава. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын коопсуз өндүрүштүк объекттериндеги технологиялык жабдууларды, резервуарларды жана технологиялык түтүк өткөргүчтөрдү, инженердик-техникалык камсыздоо системаларын тейлөө жана оңдоо

235. Курулуш, монтаждоо, ишке киргизүү-жөндөө, ошондой эле жабдууларды диагностикалоо боюнча калыбына келтирүү иштери өнөр жай коопсуздугу жаатындагы ченемдердин жана эрежелердин талаптарына, ошондой эле эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан оңдоо иштерин коопсуз жүргүзүүнү уюштуруу боюнча документтерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

236. Жабдууларды (анын ичинде дем алуучу жана сактагыч клапандарды), резервуарларды жана технологиялык түтүк өткөргүчтөрдү, инженердик-техникалык камсыздоо системаларын техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча иштердин көлөмү, мезгилдүүлүгү жана уюштуруу тартиби эксплуатациялоочу уюм тарабынан жабдууларды жана техникалык түзүлүштөрдү даярдоочу уюмдардын техникалык документтерине ылайык конкреттүү эксплуатациялоо шарттарын эске алуу менен иштелип чыккан техникалык документтер менен аныкталат.

237. Болот резервуарларды текшерүүдө резервуардын дубалынын төмөнкү курчоолорунун жана утордук түйүнүнүн тигиштеринин абалын текшерүү керек. Резервуардан мунай жана мунай продуктуларынын агып кетиши же анын ширетилген тигиштеринде же корпустун металлында жаракалар аныкталганда, резервуар эксплуатациялоодон чыгарылууга тийиш.

238. Резервуардын техникалык абалына көзөмөлдүн жыйынтыктары журналда (резервуардын эксплуатациялык паспортунда) чагылдырылышы керек.

239. Ар бир резервуардын түбүнүн чөгүшүнө системалуу түрдө көз салуу керек. Резервуар ишке киргизилгенден кийинки алгачкы төрт жылда (же түбүнүн чөгүшү толук турукташканга чейин) жыл сайын түбүнүн четин абсолюттук белгилерде, кеминде сегиз чекитте, бирок 6 метрден кем эмес аралыкта нивелирлөө зарыл. Натыйжалар резервуардын паспортуна киргизилиши керек. Жол берилгис бирдей эмес чөгүп кеткен учурда резервуар мунай продуктуларынан бошотулуп, иштетүүдөн чыгарылышы керек.

240. Темир жол цистерналарын тазалоо жана аларды куюуга даярдоо атайын пункттарда (станцияларда) жүргүзүлөт.

241. Резервуарларды жана тараларды тазалоо эксплуатациялоочу уюмдун же адистештирилген уюмдун тейлөөчү персоналы тарабынан жүргүзүлөт.

242. Бардык металл резервуарлар мезгил-мезгили менен тазаланып турушу керек:

– авиациялык бензин (реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн күйүүчү ) үчүн жылына эки жолудан кем эмес (эгерде куюу линиясында чыпкалоо ичкелиги 40 микрометрден ашпаган тазалоо каражаттары болсо, резервуарларды жылына бир жолудан кем эмес тазалоого жол берилет, ал эми ички коррозияга каршы каптамасы бар резервуарлар үчүн бул шарт сакталганда - үч жылда бир жолудан кем эмес);

– эки жылда бир жолудан кем эмес - калган ачык түстөгү мунай продуктулары жана майлар үчүн.

Мунай жана мазут сактоочу резервуарларды тазалоо тартиби жана мөөнөттөрү сакталуучу продуктунун сапатын сактоо жана резервуарларды пайдалануу шарттарына жараша эксплуатациялоочу уюм тарабынан аныкталат. Мунай продуктулары узак мөөнөткө сакталганда, металл

резервуарлар аларды бошоткондон кийин, эксплуатациялоочу уюм тарабынан белгиленген графикке ылайык тазаланууга тийиш.

Металл резервуарлар төмөнкү учурларда тазаланууга тийиш:

– оңдоого даярдоодо;

– мурунку сакталганга караганда сапаты жогору мунай продуктулары менен толтурууга даярдоодо.

243. Резервуарларды тазалоодо колдонулуучу тазалоочу агрегаттардын электр жабдуулары жарылуудан корголгон конструкцияда болушу керек жана жарылуу коркунучу бар аралашманын категориясына жана тобуна, ошондой эле жарылуу коркунучу бар зонанын классына ылайык келүүгө тийиш.

244. Күкүрттүү мунай жана мунай продуктулары сакталган резервуарларды тазалоодо пирофордук чөкмөлөрдүн өзүнөн-өзү күйүп кетүүсүнө жол бербөөчү чаралар каралышы керек.

Резервуарларды жана жабдууларды пирофордук чөкмөлөрдөн тазалоо, дезактивациялоо боюнча коопсуз иштерди жүргүзүү тартиби өнөр жай коопсуздугунун талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан жана эксплуатациялоочу уюм тарабынан бекитилген өзүнчө нускамада баяндалууга тийиш.

245. Мунай продуктуларынын бууларын резервуардан жарылууга коопсуз концентрацияга чейин жок кылуу атайын суу эритмелери менен жууп, механикалаштырылган тазалоо үчүн атайын жабдууларды колдонуу же буулоо, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн операциялардан кийин резервуарды желдетүү (мажбурлап же табигый) аркылуу ишке ашырылат.

246. Резервуардын желдетүүсү бардык ачык люктарда ишке ашырылышы керек.

Резервуардын буу-аба мейкиндигин мажбурлап желдетүү үчүн жарылуудан корголгон электр кыймылдаткычтары бар учкундан корголгон желдеткичтер же буу эжектору колдонулушу керек. Желдеткичтин корпусу жерге туташтырылышы керек.

247. Калдыктарды сордуруу, буулоо, үйлөтүү жана убактылуу электр менен жабдуу жана электр жабдууларын колдонуу менен жууп-тазалоо менен байланышкан убактылуу түтүк схемаларын монтаждоодо, акыркылары (көчмө насос, стартерлер, өчүргүчтөр) жарылуудан корголгон конструкцияда болушу керек.

248. Резервуарды буулоого, үйлөөгө, жууп-тазалоого арналган түтүктөр же алынып турма болуп, бул операцияларды жүргүзөрдүн алдында орнотулушу керек, же резервуарды иштетүүдө фланец аралык тыгындар орнотулган стационардык болушу керек.

Жумуш бүткөндөн кийин алынуучу түтүктөр демонтаждалып, резервуардык парктын тосмосунан тышкары сакталып, атмосфералык жаан-чачындан корголушу керек.

249. Жабдууларды тазалоо иштери эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан газ кооптуу иштерди коопсуз жүргүзүүнү

уюштуруу боюнча техникалык документтердин талаптарына ылайык аткарылышы керек.

250. Иштеп жаткан жабдууларды оңдоого жол берилбейт.

251. Мунайды жана мунай продуктуларын төгүү жана куюу операцияларын аткаруунун алдында төгүү-куюу жана бөлүштүрүүчү түзүлүштөр текшерилиши керек. Текшерүүнүн жыйынтыктары сменаны кабыл алуу-өткөрүп берүү журналына киргизилиши керек.

252. Чагылгандан коргоочу түзүлүштөрдүн оң абалы мезгилдүү көзөмөлдөө жана кезексиз кароо жүргүзүү учурунда тастыкталууга тийиш.

253. Чагылгандан коргоочу түзүлүштөрдүн бардык оңдоолору күн күркүрөгөн мезгил башталганга чейин жүргүзүлүшү керек.

254. Мөөнөтү өтүп кеткен техникалык түзүлүштөр, жабдуулар жана резервуарлар алардын коопсуз эксплуатациялоо мөөнөтүн узартуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо же эксплуатациялоодон чыгаруу үчүн аккредиттелген лабораторияда техникалык диагностикадан өткөрүлөт.

255. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринде иштетилип жаткан бардык техникалык түзүлүштөрдүн даярдоочу уюмдун паспорттору, Бажы союзунун же Евразиялык экономикалык бирлигинин техникалык регламенттеринин талаптарына ылайык келүү сертификаттары же декларациялары (эгер техникалык регламенттерде талап кылынса) болушу керек.

256. Жарылуу коркунучу бар зоналардагы мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын аймагында оңдоо иштерин жүргүзүүдө учкунсуз шайманды колдонуу зарыл.

257. Газ кооптуу жумуштарды, анын ичинде жабдууларды оңдоого даярдоо жана оңдоо иштерин жүргүзүү, эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген газ кооптуу жумуштарды коопсуз жүргүзүүнү уюштуруу боюнча нускаманы сактоо менен аткарылышы керек. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринде от иштерин жүргүзүү процессинде аткарылуучу ширетүү иштерин (электр ширетүү, газ менен ширетүү, кандоо жана каптама) өндүрүүдө эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген от иштерин коопсуз жүргүзүүнү уюштуруу боюнча нускаманы жетекчиликке алуу керек.

258. Жабдууларды жана техникалык түзүлүштөрдү оңдоо иштерин тейлөө кызматын көрсөтүүчү подряддык уюм аткарууга укуктуу. Подряддык уюмдун кызматкерлери өздөрүнүн эмгектик милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө өнөр жай коопсуздугу жаатында аттестациядан өтүшү керек.

259. Жабдууларды жана анын айрым түйүндөрүн көтөрүү жана жылдыруу үчүн стационардык же көчмө көтөрүүчү курулмалар каралышы керек.

## 5-глава. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттериндеги аймакты, имараттарды

**жана курулмаларды кармоого коюлган талаптар**

260. Бардык жер астындагы коммуникациялар жана кабелдик трассалар алардын жайгашкан жерин жана багытын аныктоого мүмкүндүк берүүчү таануу белгилерине ээ болууга тийиш.

261. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринде аткаруучу документтердин, анын ичинде инженердик-техникалык камсыздоо тармактарынын участокторунун аткаруучу схемаларынын жана профилдеринин болушу камсыз кылынууга тийиш.

Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттерин реконструкциялоодо, жаңы объекттерди жайгаштырууда жана иштеп жаткан объекттерди жоюуда эксплуатациялоочу уюм долбоордук уюмга инженердик-техникалык камсыздоо тармактарынын участокторунун аткаруу схемаларын жана профилдерин, ошондой эле кооптуу өндүрүштүк объекттин кырдаалдык планын өткөрүп берет.

262. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринин аймагында жер иштерин жүргүзүүгө, эксплуатациялоочу уюм тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген жер иштерин коопсуз жүргүзүүнү уюштуруу боюнча нускаманын талаптарына ылайык таризделген наряд-уруксаты жок жол берилбейт.

263. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринин аймагында шамалдын багытын жана ылдамдыгын аныктоочу прибор орнотулушу керек.

264. Өрткө каршы жабдууларга, өрт өчүрүүчү каражаттарга, байланыш жана сигнализацияга жолдорду, өтмөктөрдү, өткөөлдөрдү, кирүүчү жерлерди тосууга жана булгоого жол берилбейт.

265. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринин аймагы периметри боюнча күйбөс тосмо менен тосулуп, коргоо сигнализация системалары менен жабдылышы керек.

Ишканалардын өндүрүштүк аянтынын жалпы тышкы тосмосунун чегинде жайгашкан мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объектилерин тосуу талап кылынбайт.

266. Автотранспорттун өтүүчү жолдору, жөө жүргүнчүлөр тротуарлары, көпүрөлөр жана түтүктөр менен тосмолор аркылуу өтүүчү көпүрөлөр шаар куруу иши жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарына жооп бериши керек.

267. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттеринин аймагында, көзөмөл-өткөрүү пунктунда аймак боюнча кыймылдын уюштуруу схемасы илинип, транспорттун максималдуу ылдамдыгы көрсөтүлүшү керек. Транспорт каражаттарынын аймакка кирип-чыгуу тартибин эксплуатациялоочу уюм аныктайт. Аталган тартипти аныктоодо транспорттун бир тараптуу кыймылын уюштурууга артыкчылык берилиши керек.

## 6-глава. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын коопсуз иштешин камсыз кылууга карата талаптар

### § 1. Өндүрүштүк процесстерди уюштурууга коюлуучу коопсуздук талаптары

268. Өндүрүштүк процесстердин коопсуздук талаптары ГОСТ 12.3.002-2014 боюнча белгиленет.

269. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларындагы өндүрүштүк процесстердин коопсуздугу кооптуу авариялык кырдаалдын алдын алуу менен камсыздалат жана төмөнкүлөр менен камсыз кылынышы керек:

– колдонуудагы эрежелерге жана көрсөтмөлөргө ылайык мунай продуктуларын кабыл алуунун, сактоонун, чыгаруунун жана эсепке алуунун технологиялык процесстерин колдонуу;

– нормативдик документтердин талаптарын канааттандырган жана жаракат алуунун жана кесиптик оорулардын булагы болбогон өндүрүштүк жабдууну колдонуу;

– кампанын аймагын жайгаштыруу;

– ишенимдүү иштеген жана үзгүлтүксүз текшерилген контролдук-өлчөөчү приборлорду, аварияга каршы коргоочу түзүлүштөрдү, маалыматтарды алуу, иштетүү жана берүү каражаттарын колдонуу;

– тез иштеген герметикалык бекитүүчү жана жөнгө салуучу арматураларды жана кооптуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлорду локалдаштыруу каражаттарын колдонуу;

– өндүрүштүк жабдууну рационалдуу жайгаштыруу жана жумуш орундарын уюштуруу;

– кызматкерлерди кесиптик тандоо, окутуу, алардын эмгек коопсуздугу боюнча билимин жана көндүмдөрүн текшерүү;

– кызматкерлерди коргоо каражаттарын колдонуу;

– жарылуунун алдын алуу жана өрттөн коргоо боюнча техникалык жана уюштуруу чараларын ишке ашыруу;

– ар бир жумуш ордунда тартип жана уюшкандыкты сактоо, жогорку технологиялык жана эмгек тартибин сактоо.

270. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларынын кооптуу өндүрүштүк объекттерине карата алардын курулушун, эксплуатациясын, реконструкциясын, капиталдык ремонтун, техникалык жактан кайра жабдуусун, консервациясын жана жоюлушун, ошондой эле аларда колдонулуучу техникалык түзүлүштөрдү, техникалык каражаттарды, машиналарды жана жабдууларды даярдоону, монтаждоону, жөндөөнү, тейлөөнү жана оңдоону, өндүрүштүк контролду жүзөгө ашыруучу жетекчи кызматкерлер жана персонал өнөр жай коопсуздугу маселелери боюнча КР ӨЭЖМКнин 2018-жылдын 12-майындагы №01-7/239 буйругу менен

бекитилген “Өнөр жай коопсуздугу жаатында ишканалардын адистерин даярдоо жана аттестациялоо боюнча иштерди уюштуруу жөнүндөгү жобого” жана “Өнөр жай коопсуздугу жаатында ишканалардын жумушчуларын окутуу жана билимин текшерүүнү уюштуруу жөнүндөгү жобого” ылайык даярдыктан өтүп, аттестациядан өтүшү керек.

271. Өндүрүштүк кооптуулук жогорулаган же пайда болушу мүмкүн болгон жерлерде жумуштар наряд-уруксат боюнча жүргүзүлүшү керек. Мындай жумуштардын тизмеси, наряд-уруксат берүүгө жана бул жумуштарды жетектөөгө укугу бар адистердин кызмат орундарынын тизмеси, ошондой эле наряд-уруксаттарды тариздөө тартиби эксплуатациялоочу уюм тарабынан бекитилет.

Кооптуулугу жогору жумуштарды жүргүзүү мындай жумуштарды уюштурууга жана коопсуз жүргүзүүгө талаптарды белгилеген нускамага ылайык жүргүзүлүшү керек.

272. Жарылуу коркунучу бар технологиялык процесстер үчүн аварияга каршы автоматтык коргоо системалары каралышы керек, алар жумуштун бардык режимдеринде регламентте каралган чектүү жол берилген параметрлерден четтөө учурунда жарылуу коркунучу бар чөйрөнүн пайда болушун жана башка авариялык кырдаалдарды эскертет жана процессти коопсуз токтотууну же коопсуз абалга которууну камсыз кылат.

273. Ар бир мунай жана мунай продуктуларынын кампасы үчүн эксплуатациялоочу уюм тарабынан аварияларды локализациялоо жана жоюу планы жана өндүрүштүк контролдоо жөнүндө жобо иштелип чыгат.

## § 2. Жарылуу жана өрт коопсуздугунун талаптары

274. Мунай жана мунай продуктуларынын кампаларындагы өндүрүштүк процесстердин жарылуу коопсуздугу жарылуу коркунучу бар кырдаалдын алдын алуу, жарылуудан коргоо, уюштуруу-техникалык иш-чаралар менен камсыз кылынышы керек.

275. Бардык өндүрүштүк процесстер ГОСТ 12.1.010 талаптарына, техникалык эксплуатациялоо эрежелерине жана технологиялык долбоорлоо нормаларына, ошондой эле колдонуудагы коопсуздуктун ченемдерине жана эрежелерине жооп бериши керек.

276. Жарылуу коркунучу бар зоналарга жайгаштырылган электр жабдууларынын жана автоматташтыруу каражаттарынын аткарылышы Электр орнотмолорунун түзүлүштөрүнүн эрежелерине жана Өрт коопсуздугу эрежелерине ылайык жарылуу жана өрт коркунучу боюнча жайлардын жана тышкы орнотмолордун классификациясына ылайык келүүгө тийиш.

277. Жарылуу коркунучу бар жайларда жана тышкы орнотмолордо электрдик контролдук-өлчөөчү приборлор жана автоматика каражаттары орнотулушу керек.

## 7-бөлүм. Мунай жана мунай продуктулары менен иштөөдө эмгекти коргоо талаптары

278. Жумуш берүүчү кызматкерлерге зыяндуу жана (же) кооптуу өндүрүштүк факторлордун таасири тийиши мүмкүн болгон жумуштарды уюштурууда, тиешелүү ченемдик укуктук актылардын талаптары менен белгиленген жол берилген таасир этүү деңгээлине чейин аларды жок кылуу же азайтуу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

Зыяндуу жана (же) кооптуу өндүрүштүк факторлордун деңгээлин өндүрүштүк процесстин мүнөзүнө жана шарттарына байланыштуу жол берилген таасир этүү деңгээлине чейин жок кылуу же азайтуу мүмкүн болбогон учурда, кызматкерлерди тиешелүү жеке жана (же) жамааттык коргоо каражаттары менен камсыз кылбастан жумуштарды жүргүзүүгө тыюу салынат.

279. Жумуш берүүчү кесиптик тобокелдиктин деңгээлин төмөндөтүү максатында төмөнкүлөргө укуктуу:

1) кызматкерлер жана эмгектин зыяндуу жана (же) кооптуу шарттары бар жумуш түрлөрү үчүн Эрежелерге жана эмгекти коргоо боюнча мыйзамдарга каршы келбеген кошумча коопсуздук талаптарын белгилөөгө. Эмгекти коргоо талаптары эмгекти коргоо боюнча тиешелүү нускамаларда камтылууга, кызматкерге көрсөтмө, инструктаж түрүндө жеткирилүүгө тийиш;

2) жумуштарды коопсуз жүргүзүүнү контролдоо максатында жумуштарды өндүрүү процесстерин дистанттык видео-, аудио- же башкача фиксациялоону камсыз кылуучу жабдууларды колдонууга.

280. Кампадагы объектилерде иштөөгө эмгекти коргоо боюнча окуудан өткөн жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимин текшерүүдөн өткөн кызматкерлер гана киргизилет.

Эмгекти коргоо боюнча кошумча (жогорулатылган) талаптар коюлган жумуштарды аткарган кызматкерлер үч айда бир жолудан кем эмес эмгекти коргоо боюнча кайрадан инструктаж өтүшү керек, ошондой эле он эки айда бир жолудан кем эмес эмгекти коргоо талаптары боюнча билимин текшерүүдөн өтүшү керек.

Эмгекти коргоо боюнча кошумча (жогорулатылган) талаптар коюлган зыяндуу жана (же) кооптуу эмгек шарттары бар кызматкерлердин кесиптеринин жана жумуш түрлөрүнүн тизмеси жумуш берүүчүнүн локалдык документи менен бекитилет.

281. Кызматкер өзүнүн түздөн-түз же жогору турган жетекчисине өндүрүштөгү кырсык жөнүндө, ал байкаган эмгекти коргоо боюнча нускамалардын бузулушу, жабдуулардын, шаймандардын жана жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын бузулушу жөнүндө кабарлоого милдеттүү.

282. ООСды жана КСды сактоо жана колдонуу үчүн жайларда ачык отту колдонууга тыюу салынат, ал эми жасалма жарыктандыруу жарылууга

коопсуз жасалышы керек. Ошондой эле мындай жайларда тамеки тартууга, тамактанууга тыюу салынат.

283. ООС жана КС менен иштөөдө ГОСТ 12.4.310-2016 стандартына ылайык жеке коргонуу каражаттарын колдонуу зарыл.

284. ООСдын жана КСдын буусунан ууланган учурда жабырлануучуну дароо таза абага алып чыгуу (же чыгаруу) керек, кысып турган кийимден бошотуу керек (жакасын, курун чечүү).

Суук мезгилде жабырлануучуну жылытуу маанилүү, кан айланууну күчөтүү үчүн бут-колду сүртүү керек.

Эгерде эсин жоготсо, дем алуу токтосо же начарласа, дароо дарыгерди чакыруу керек. Дарыгер келгенге чейин кычкылтек, нашатырь спиртинин буусун дем алдырууну камсыз кылуу, таза абада жасалма дем алдыруу керек.

285. Эгерде териге ООС жана КС тийсе, аны жылуу суу жана самын менен жууш керек.

286. Этилденген бензин менен иштөөгө алдын ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өткөн кызматкерлерге гана жол берилет. 18 жашка толо элек адамдарга, кош бойлуу аялдарга жана эмчек эмизген энелерге этилденген бензин менен иштөөгө тыюу салынат.

287. Этилденген бензин менен байланышкан жумуштарды аткарган бардык кызматкерлер жумуш ордунда этилденген бензин менен иштөө боюнча окуудан өтүшү, белгиленген мөөнөттөрдө инструктаж алышы жана эмгекти коргоо боюнча билими текшерилиши керек.

288. Этилденген бензин сакталган резервуарларда, идиштерде "ЭТИЛДЕНГЕН БЕНЗИН. УУЛУУ" деген так жазуу болушу керек. Ушундай эле жазуусу бар табличкалар этилденген бензин менен операциялар жүргүзүлгөн бардык участокторго илиниши керек.

289. Этилденген бензиндин үлгүлөрүн алуучу суу өткөрбөс сиңдирмеси бар же май-бензинге туруктуу материалдан жасалган кол кап кийип, булгаары бут кийим же резина өтүк жана ГОСТ 12.4.310-2016 боюнча коргоочу кийим кийиши керек.

Жумуш орду газ коркунучу жана авариялык кырдаал болгон учурда чыпкалоочу противогаз менен камсыз болушу керек.

290. Этилденген бензин териге тийген учурда, анын кургап кетишине жол берүүгө болбойт. Бензин тийген теринин жерлерин дароо керосин менен териге сүртпөстөн нымдап, андан кийин жылуу суу жана самын менен жууш керек. Эгерде кийим бензинге булганса, аны чечип, бензиндин жыты кеткенче таза абада желдетүү керек.

291. Этилденген бензин менен иштөөдө колдун терисин коргоочу майлар менен коргоо керек: ХИОТ-6, ЯЛОТ пасталары ж.б.

292. Этилденген бензин менен булганган беттерди зыянсыздандыруу үчүн керосиндеги 1,5% дихлорамин эритмесин (же сууда 3% эритмесин), этилденбеген бензинди же жаңы даярдалган хлор акиташынын боткосун (1 бөлүк кургак хлор акиташына 2-3 бөлүк суу) колдонуу керек.